# 2020-жылдан 2022-жылга чейинки мезгил аралыгында жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы кылмыштар жөнүндө жазык иштери боюнча соттук практиканы жалпылоо

Бул жалпылоо Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2023-жылдын биринчи жарым жылдыгынын иш планына ылайык, соттор тарабынан 2020-жылдан 2022-жылга чейинки жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы кылмыштар жөнүндө Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин (мындан ары - КР КЖК) 1997-жылдагы Мыйзамынын редакциясында каралган беренелер: 129 «Зордуктоо», 130 «Сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер», 131 «Сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо», 132 «Он алты жашка чыга элек адам менен жыныстык катнаш жана сексуалдык мүнөздөгү башка аракеттер», 133 «Ыплас аракеттер», Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин (мындан ары - КР ЖК) 2017-жылдагы Мыйзамынын редакциясындагы беренелер: 161 «Зордуктоо», 162 «Сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер», 163 «Сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо» жана Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин (мындан ары - КР КЖК) 2021-жылдагы Мыйзамынын редакциясындагы беренелер: 154 «Зордуктоо», 155 «Сексуалдык мүнөздөгү күч колдонуу аракеттери», 156 «Сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо» боюнча иштерди кароодо соттордун укук колдонуу практикасын иликтөө максатында жүргүзүлдү.

Кылмыш иштеринин аталган категориясы боюнча соттук тажрыйбаны талдоого түрткү болгон себептердин бири акыркы мезгилде баланын жыныстык кол тийбестигине кол салуу фактыларынын көбөйгөндүгү болду.

Адамга каршы кылмыштардын түрүнүн бири болуп адамдын жыныстык кол тийбестигине жана жыныстык эркиндигине коомдук коркунучтуу кол салуу эсептелет.

Жыныстык эркиндик жана жыныстык кол тийбестик КР Конституциясында кепилденген адамдын укуктары менен эркиндиктеринин бир бөлүгү болуп саналат: КР Конституциясынын 59-беренесинде: «Ар бир адам эркиндикке жана жеке кол тийбестикке укуктуу» деп жарыяланган.

КР КЖКнын 23-главасында «Жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы кылмыштар» ачык сексуалдык зомбулук менен байланышкан же жыныстык эркиндикти одоно бузуудан турган жосундардарды камтыйт.

Жыныстык кол тийбестик жыныстык эркиндиктин курамдык бөлүгү болуп саналат, ошондуктан жыныстык кол тийбестиктин бузулушу ар дайым жыныстык эркиндиктин бузулушун билдирет. Талданып жаткан кылмыштардын негизги объектисинен тышкары көбүнчө кошумча объекттердин бузулушуна алып келет: ал адамдын дене жана психикалык кол тийбестиги, анын ден соолугу, өмүрү.

Аталган категориялардагы кылмыштар боюнча жабыр тарткандар аялдар жана эркектер, эркек бала жана ошондой эле кыз да болушу мүмкүн.

Кылмыштуу кол салуунун негизги объектиси жыныстык эркиндик жана жыныстык кол тийбестик болуп саналат. Мындан тышкары, зордуктоонун кошумча объектиси болуп ар-намысы жана кадыр-баркы эсептелет, ал эми кээ бир учурларда, ден соолук же өмүр эсептелет.

Айыпталып жаткан жосундун курамына жараша 14 жаштан 18 жашка чейинки акыл-эси соо адамдар жыныстык кылмыштардын субъектиси болушу мүмкүн. Белгилей кетүүчү нерсе, бардык жыныстык кылмыштар түздөн-түз ниет менен гана жасалат.

Аталган категориядагы иштерди туура чечүү үчүн ченемдик укуктук негиз болуп Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 59-беренеси, 1950-жылдын 04-ноябрындагы «Адамдын укуктарын жана негизги эркиндиктерин коргоо жөнүндө», Европа конвенциясынын 1-беренеси, Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза жана кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарынын ченемдери эсептелет.

Аталган категориядагы иштерди кароодо соттор Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумунун 2021-жылдын 26-февралындагы №4 «Жаза дайындоо боюнча соттук практика жөнүндө», 2019-жылдын 24-майындагы №13 «Соттук өкүм жөнүндө» токтомдорун колдонууга тийиш.

Жалпылоо жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы кылмыштар боюнча кылмыш иштерин жергиликтүү соттор караган учурда соттук практиканы иликтөө, ошондой эле ушул категориядагы иштерди кароодо соттор жол берген өзгөчө мүнөздүү каталарды табуу максатында жүргүзүлгөн. Жалпылоонун жүрүшүндө 2020-2022-жылдар аралыгында соттор караган 100дөн ашык кылмыш иштери иликтенди.

Биринчи инстанциядагы соттор тарабынан каралган жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы кылмыштар менен байланышкан кылмыш иштери боюнча соттук статистиканы талдоодо акыркы 3 жылда көрсөтүлгөн категориядагы каралган кылмыш иштеринин санынын өскөндүгүн жана соттолгон адамдардын санынын көбөйгөндүгүн көрсөттү.

Каралып жаткан категориядагы кылмыш иштери боюнча статистикалык маалыматтар төмөнкү таблицаларда келтирилген:

| жыл | берене | Бардык каралган иштер | Алардын ичинен өкүм чыгарылган | Соттолгондор (саны) | Акталгандар (саны) | Алардын ичинен токтотулган (иш) | Токтотулган (саны) | Алардын ичинен мед.мүнөздөгү чаралар колд (иш) | мед.мүнөздөгү чаралар колд (саны) | Жаза чектелген | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | | Эркинд.аж ыратуу | Айып пул | Түзөтүү жумуштар | өмүр бою эркинд.аж | Мунапыс колдонуу |
| 2020 | **161** | 89 | 48 | 53 (2 аял) | 2 | 39 | 43 | 2 | 2 | 51 | - | - | - | 3 |
| | **162** | 21 | 19 | 17 | 1 | 1 | - | 1 | 1 | 14 | - | - | - | - |
| | **163** | 11 | 6 | 7 | - | 5 | 5 | - | - | 10 | 1 | 1 | - | - |
| | **129** | 9 | 4 | 4 | - | 5 | 5 | - | - | 3 | - | - | - | - |
| | **130** | 2 | 2 | 2 | - | - | - | - | - | 1 | - | - | - | - |
| | **132** | 4 | 1 | - | - | 3 | 3 | - | - | 2 | - | - | - | 2 |
| | **133** | 1 | - | - | - | 1 | 1 | - | - | 1 | - | - | - | - |
| | **Бард.** | **137** | **80** | **83** | **3** | **54** | **57** | **3** | **3** | **82** | **1** | **1** | **-** | **5** |

| жыл | берене | Бардык каралган иштер | Алардын ичинен өкүм чыгарылган | Соттолгондор (саны) | Акталгандар (саны) | Алардын ичинен токтотулган (иш) | Токтотулган (саны) | Алардын ичинен мед. мүнөздөгү чаралар колд (иш) | мед. мүнөздөгү чаралар колд (саны) | Жаза чектелген | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | | Эркинд/ажыратуу | Айып пул | Эркиндигин чектөө (шарттуу) | өмүр бою эркинд.ажыратуу | Мунапыс колдонуу |
| **2021** | **161** | 111 | 64 | 65 | 2 | 44 | 45 | 3 | 3 | 55 | - | 4 | - | - |
| | **162** | 20 | 19 | 21 | - | - | - | 1 | 1 | 21 | - | - | - | - |
| | **163** | 12 | 2 | 4 | - | 10 | 11 | - | - | 5 | 1 | - | - | 2 |
| | **154** | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | |
| | **129** | 4 | 3 | 1 | 4 | 1 | 1 | - | - | 1 | - | 1 шарттуу | - | - |
| | **131** | - | - | 1 | - | - | - | - | - | 1 | - | - | - | 1 |
| | **Бардыгы:** | **147** | **88** | **92** | **6** | **55** | **57** | **4** | **4** | **83** | **1** | **5** | **-** | **3** |

| жыл | берене | Бардык каралган иштер | Алардын ичинен өкүм чыгарылган | Соттолгондор (саны) Соттолгондор (саны) | Акталгандар (саны) | Алардын ичинен токтотулган (иш) | Токтотулган (саны) | Алардын ичинен мед. мүнөздөгү чаралар колд (иш) | мед. мүнөздөгү чаралар колд (саны) | Жаза чектелген | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | | Эркинд/ажыратуу | Түзөтүү жумуштары | өмүр бою эркинд.ажыр | Мунапыс колд. |
| **2022** | **161** | 38 | 31 | 36 | - | 7 | 7 | - | - | 36 | - | - | - |
| | **162** | 12 | 10 | 9 | - | 1 | 1 | 1 | 1 | 7 | 1 | - | - |
| | **163** | 2 | 1 | 2 | - | 1 | 2 | - | - | 3 | - | - | - |
| | **129-131** | 3 | 1 | 1 | - | 2 | 2 | - | - | 3 | - | - | - |
| | **154** | 69 | 44 | 38 | 3 | 24 | 26 | 1 | 1 | 38 | - | 1 | - |
| | **155** | 16 | 13 | 11 (1аял) | - | 2 | 2 | 1 | 1 | 9 | - | 2 | - |
| | **156** | 4 | 2 | 4 | - | 2 | 1 | - | - | 4 | - | - | - |

| | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Барды гы** | **144** | **102** | **101** | **3** | **39** | **41** | **3** | **3** | **100** | **1** | **3** | **-** |

**Анализделген мезгилде:**

- жалпысынан 25 078 кылмыш иши каралган, алардын ичинен жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы кылмыштар боюнча 428 кылмыш иши, бул 1,7% ды түзөт. (Өкүм чыгаруу менен – 270 иш же 63%, токтотулган - 148 иш же 34,6%, медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу менен токтотулган иштер– 10 иш же 2,4% ).
- соттолгон адамдардын жалпы саны 17 155 адамды түздү, алардын ичинен жогоруда көрсөтүлгөн категориядагы кылмыштар боюнча адамдардын саны 276 же 1,6 % түзөт;
- 12 336 адамга карата кылмыш иши токтотулган, алардын ичинен жогоруда көрсөтүлгөн категориядагы кылмыштар боюнча 155 адамга карата же 1,2 %;
- бардыгы болуп 719 адам акталды, алардын ичинен жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы кылмыштар боюнча 12 адам же 1,7%;
- 198 адамга карата медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чаралары колдонулган, алардын ичинен талданып жаткан кылмыштар боюнча 10 адамга карата же 5%;

Статистикалык маалыматтардан көрүнүп тургандай, жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы кылмыштар боюнча кылмыш иштеринин көбүрөөк саны Бишкек шаарынын жана Чүй облусунун райондук сотторунда каралган:

**1. Бишкек шаарынын райондук сотторунда:**

- 113 кылмыш иши каралган, бул талдануучу категориядагы каралган иштердин жалпы санынын 26,4% ын түзөт, алардын ичинен: өкүм чыгаруу менен 60 иш каралып, 54 адам соттолгон, 52 адамга карата 52 иш токтотулган, 3 адам акталган; 1 адамга карата медициналык мүнөздөгү чаралар колдонулган.

**2. Чүй облусунда:**

- 89 кылмыш иши каралды (20,8%), анын ичинен: өкүм чыгаруу менен 62 иш каралган, 59 адам соттолгон, 22 адамга карата 22 иш токтотулган, 2 адам акталган; 1 адамга карата медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чаралары колдонулган.

**3. Жалал-Абад облусунда:**

- 65 кылмыш иши каралды (15,2%), анын ичинен: өкүм чыгаруу менен 49 иш каралган, 49 адам соттолгон, 17 адамга карата 15 иш токтотулган, 2 адам акталган; 1 адамга карата медициналык мүнөздөгү чаралар колдонулган.

**4. Ош облусунда:**

- 60 кылмыш иши каралган (14%), анын ичинен: өкүм чыгаруу менен 33 иш каралып, 35 адам соттолгон, 27 адамга карата 25 иш токтотулган, 3 адам акталган; 2 адамга карата медициналык мүнөздөгү чаралар колдонулган.

**5. Ысык-Көл облусунда**:

- 52 кылмыш иши каралган (12,2%), анын ичинен: өкүм чыгаруу менен 37 иш каралып, 39 адам соттолгон, 15 адамга карата 14 иш токтотулган, 2 адам акталган; 1 адамга карата медициналык мүнөздөгү чаралар колдонулган.

**6. Талас облусунда**:

- 24 кылмыш иши каралган (5,6%), анын ичинен: өкүм чыгаруу менен 14 иш каралып, 12 адам соттолгон, 12 адамга карата 9 иш токтотулган, акталгандар жок; 1 адамга карата медициналык мүнөздөгү чаралар колдонулган.

**7. Баткен облусунда**:

- 13 кылмыш иши каралды (3%), анын ичинен: өкүм чыгаруу менен 5 иш каралып, 5 адам соттолгон, 7 адамга карата 7 иш токтотулган, акталгандар жок; 1 адамга карата медициналык мүнөздөгү чаралар колдонулган.

**8. Нарын облусунда**:

- 12 кылмыш иши каралды (2,8%), анын ичинен: өкүм чыгаруу менен 7 иш каралып, 6 адам соттолгон, 2 адамга карата 3 иш токтотулган, акталгандар жок; 2 адамга карата медициналык мүнөздөгү чаралар колдонулган.

Берилген маалыматтардан жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы кылмыш жасагандыгы үчүн соттолгон адамдардын саны жыл сайын өсүп жаткандыгы көрүнүп турат. Эгерде 2020 – жылы 80 адам соттолгон болсо, 2021-жылы 92 адам соттолгон, ал эми 2022-жылы 101 соттолгон, бул 2020-жылга караганда 26,25% га көп жана 2021-жылга караганда 9,7% га көп экендиги көрунөт.

Көбүнчө, жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы кылмыштары боюнча соттор төмөнкүдөй жаза колдонушкан:

- 265 адамга карата ар кандай мөөнөттөргө эркиндигинен ажыратуу жазасы (же 96%);
- 6 адамга карата коомдон обочолонбостон эркиндигинен ажыратуу жазасы (2,2%);
- 3 адамга өмүр бою эркиндигинен ажыратуу жазасы (1%);
- 2 адамга айып пул түрүндө жазасы колдонулган (0,72%).

Берилген маалыматтардан көрүнүп тургандай, эгерде 2020-2021-жылдары соттолгондорго карата өмүр бою эркиндигинен ажыратуу жазасы колдонулбаса, 2021-жылы КР КЖКнын жаңы редакциясын ишке киргизүү менен жыныстык кол тийбестикке каршы кылмыштар үчүн жаза олуттуу оордотулгандыктан 2022-жылы 3 соттолгон адамга өмүр бою эркиндигинен ажыратуу жазасы колдонулган.

Кылмыштардын түрлөрү боюнча соттолгондордун түзүмүндө төмөнкүдөй кылмыштарды жасагандыгы үчүн соттолгондор өзгөчө салыштырма салмакка ээ болушат:

- “Зордуктоо” (КР КЖКнын 129, 154, 161-беренелери) - 198 адам же соттолгондордун жалпы санынын 71,7% жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы кылмыштар боюнча;
- “Сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер” (КР КЖКнын 130, 155, 162-беренелери) - 60 адам же 21,7%;
- “Сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо” (КР КЖКнын 131, 156, 163-беренелери) - 18 адам же 6,6%.

**Балага каршы жыныстык кылмыштар боюнча статистикалык маалыматтар**

КР Конституциясынын 20-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык балдар - Кыргыз Республикасынын эң баалуу байлыгы. Мамлекет балдардын ар тараптуу руханий, адеп-ахлактык, интеллектуалдык жана дене-бой жактан өнүгүүсүнө өбөлгө болуучу шарттарды түзүү менен аларды мекенчилдикке жана атуулдукка тарбиялайт.

Азыркы учурда балдарды зордук-зомбулук кылмыштарынан, өзгөчө алардын жыныстык кол тийбестигине каршы кылмыштардан жетишсиз коргоонун проблемасынын

актуалдуулугу өтө маанилүү болуп саналат, бул коомду мындай адамдардан коргоонун атайын чараларын белгилөөнү талап кылат.

Балага карата жыныстык кылмыштардын өсүшү коомдун эң маанилүү көйгөйлөрүнүн бири болуп саналат, глобалдуу мүнөзгө ээ, анткени анын курмандыктары жабырлануучулардын эң аялуу категориясы болуп саналат.

Кылмыш-жаза мыйзамдары, айрыкча, балага каршы жыныстык кылмыштар үчүн катуу жазалайт.

Алсак, КР КЖКнын 154, 155-беренелеринде зордуктоо же балага карата жасалган башка сексуалдык мүнөздөгү аракеттер үчүн 15 жылга эркинен ажыратуу же өмүр бою эркинен ажыратуу жазасы каралган.

Жабырлануучу-бала – 18 жашка чыга элек, кылмыш менен дене боюна, моралдык жана (же) материалдык зыян келтирилген жак.

Бала зордукталган учурларда, кылмыштын объектиси катарына жыныстык эркиндиктен жана кол тийбестиктен тышкары, жабырлануучу баланын нормалдуу физикалык, жыныстык жана адеп-ахлактык өнүгүүсү да кирет.

**Талдоо мезгилиндеги жабырлануучу балдар боюнча статистикалык маалымат:**

| жыл | Берененин аталышы | бардыгы | анын ичинде эркек балдар | Анын ичинде кыздар | Жабырлануучунун жашы | | | | Кылмыш жасалган | | Мас абалында |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 6 жашка чейин | 6 -10 жаш | 10- 14 жаш | 14- 18 жаш | топто | жалгыз | |
| 2020 | ст.161 «Зордуктоо» | 24 | - | 24 | 1 | 2 | 5 | 16 | 2 | 22 | - |
| | ст.162 «Сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер» | 12 | 3 | 9 | - | 4 | 5 | 3 | - | 12 | - |
| | ст.163 «Сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо» | 6 | - | 6 | - | - | 3 | 3 | 1 | 5 | - |
| | **Бардыгы 2020-ж. карата:** | **42** | **3** | **39** | **1** | **6** | **13** | **22** | **3** | **39** | |
| 2021 | ст.154, 161 «Зордуктоо» | 37 | - | 37 | 1 | 1 | 8 | 27 | 3 | 34 | 8 |

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **ст.162** «Сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер» | 11 | 3 | 8 | 1 | 5 | 2 | 3 | 1 | 10 | 4 |
| | **ст.163** «Сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо» | 4 | - | 4 | - | - | 1 | 3 | 1 | 3 | - |
| | **Бардыгы 2021-ж. карата:** | **51** | **3** | **48** | **2** | **6** | **11** | **32** | **5** | **46** | **12** |
| **2022** | **ст.154** «Зордуктоо» | 27 | | 27 | 3 | - | 6 | 18 | 2 | 25 | 3 |
| | **ст.155** «Сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер» | 10 | 2 | 8 | 2 | 2 | 5 | 1 | - | 10 | 2 |
| | **ст.156** «Сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо» | 1 | - | 1 | - | - | 1 | - | 1 | - | - |
| | **ст.161** «Зордуктоо» | 16 | - | 16 | - | 1 | 6 | 9 | 2 | 14 | - |
| | **ст.162** «Сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер» | 11 | 1 | 10 | 2 | 5 | 3 | 1 | - | 11 | - |
| | **ст.163** «Сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо» | 3 | - | 3 | - | - | 3 | - | - | 3 | - |
| | **Бардыгы 2022-ж. карата:** | **68** | **3** | **65** | **7** | **8** | **24** | **29** | **5** | **63** | **5** |
| | **Жалпы саны** | **161** | **9** | **152** | **10** | **20** | **48** | **83** | **13** | **148** | **17** |

Статистикалык маалыматтардан көрүнүп тургандай талданган мезгил ичинде жыныстык эркиндигине жана жыныстык кол тийбестикке каршы кылмыштардын натыйжасында жабыр тарткан 18 жашка чейинки балдардын жалпы саны 161 түзөт, алардын ичинен 14 жашка чейинки балдар – 78, же кылмыштардын бул түрлөрү боюнча жабырлануучулардын жалпы санынын 48,4 %.

Балага карата кандай гана болбосун зордук-зомбулукка катуу бөгөт коюлууга тийиш, бул тууралуу жыныстык кол тийбестикке каршы кылмыштар үчүн жоопкерчилик чараларынын оордотулганы да далилдеп турат.

Төмөндө балага карата сексуалдык кылмыш жасаган адамдардын саны жөнүндө статистикалык маалыматтар келтирилген:

| **жыл** | | **«Зордуктоо»** | **«Сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер»** | **«Сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо»** | **бардыгы** |
|---|---|---|---|---|---|
| **2020** | соттолгондор | **21** | **11** | **4** | **36** |
| | акталгандар | **1** | **1** | **-** | **2** |
| | токтотулгандар (адам саны) | **3** | **-** | **2** | **5** |
| | медициналык мүнөздөгү колдонуу (адам саны) | **2** | **1** | **-** | **3** |
| **2021** | соттолгондор | **28** | **12** | **1** | **41** |
| | акталгандар | **-** | **-** | **-** | **-** |
| | токтотулгандар (адам саны) | **9** | **-** | **4** | **13** |
| | медициналык мүнөздөгү колдонуу (адам саны) | **2** | **1** | **-** | **3** |
| **2022** | соттолгондор | **34** | **16** | **4** | **54** |
| | акталгандар | **-** | **1** | **-** | **1** |
| | токтотулгандар (адам саны) | **5** | **-** | **2** | **7** |
| | медициналык мүнөздөгү колдонуу (адам | **1** | **2** | **-** | **3** |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | саны) | | | | |

Берилген таблицадан көрүнүп тургандай, баланын жыныстык кол тийбестигине каршы кылмыш жасагандыгы үчүн эркиндигинен ажыратууга соттолгон адамдардын саны 131 же бул категориядагы соттолгондордун жалпы санынын 31,9% ын (276 адам) түздү; 3 адам акталды (жалпы акталгандардын саны - 12) же 25%, 25 адамга карата кылмыш иштери токтотулган (кылмыш иштери токтотулган адамдардын жалпы саны - 155 адам) же 16,1%; 9 адамга карата медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чаралары колдонулган (жалпы саны 10 адам) же 90%.

КР КЖПКнын 5-беренесине ылайык жакын туугандарга: ата-энеси, балдары, асырап алуучулар, асырап алынгандар, бир атадан жана бир энеден тараган жана атасы же энеси бөлөк болгон ага-инилер жана эже-сиңдилер, чоң ата, чоң эне, таята, таене, неберелер кирет.

Жүргүзүлгөн жалпылоо балдарга карата көбүнчө сексуалдык кылмыштар жакын туугандары, ошондой эле алар менен чогуу жашаган адамдар тарабынан жасалаарын көрсөттү. Төмөнкү статистикалык маалыматтардан 70% жабырлануучу кыздарга карата кылмыштарды алардын жакын туугандары, тактап айтканда аталары же өгөй аталары жасагандыгы көрүнүп турат.

| | **Березенин аталышы** | **үй-бүлөлүк зомбулуктан келип чыккан жыныстык кылмыштар боюнча жабырлануучулардын саны** | | **зомбулук жасаган адам менен тууганддык байланыш** | | **кылмыш жасалган** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **18 жашка чейин** | **18 жаштан жогору** | **кыз** | **башка туугандар** | **топто** | **жалгыз** |
| **2020** | **«Зордуктоо»** | **4** | **5** | **4** | **3** | | **7** |
| | **«Сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер»** | **3** | **1** | **1** | **1** | | **4** |
| | **«Сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо»** | **3** | **-** | **3** | **-** | | **3** |
| **2021** | **«Зордуктоо»** | **3** | **1** | **2** | **2** | **1** | **2** |
| | **«Сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер»** | **1** | **3** | **1** | **-** | | **3** |
| **2022** | **«Зордуктоо»** | **4** | **1** | **3** | **2** | | **4** |
| | **«Сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер»** | **2** | **-** | **-** | **2** | | **2** |
| | **Бардыгы:** | **20** | **11** | **14** | **10** | **1** | **25** |

Балага каршы сексуалдык кылмыштар үчүн кылмыш жоопкерчилигин күчөтүүдөн тышкары, кылмыштардын бул категориясы боюнча кылмыш-жаза саясатын күчөтүүгө багытталган башка жол-жоболор да каралган.

Баланын жыныстык кол тийбестигине каршы кылмыштар үчүн Кылмыш-жаза кодексинде жабырлануучу менен элдешүүгө, өкүнүүгө байланыштуу ишти токтотууга тыюу салуу мыйзамдуу түрдө бекитилген. 14 жашка чыга элек баланын жыныстык кол тийбестигине каршы кылмыш жасаган адамдар эскирүү мөөнөтү өтүп кеткенине байланыштуу жаза өтөөдөн бошотулбайт, шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотулбайт. Бул категориядагы адамдарга карата жазанын өтөлө элек бөлүгүн жазанын кыйла жеңил түрүнө алмаштыруу колдонулбайт, жаза өтөөнү кийинкиге калтыруу берилбейт жана аларга мунапыс берүү актысы жайылтылбайт.

Жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы кылмыштар боюнча соттук практиканы жалпылоо соттор бул категориядагы иштерди кароодо негизинен колдонуудагы мыйзамдарды туура колдонушат, бирок ошол эле учурда айрым кемчиликтер орун алганын көрсөтөт.

**Процессуалдык бузуулар**

Кылмыштардын бул түрлөрү менен байланышкан кылмыш иштерин кароонун процесстик өзгөчөлүгү жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы кылмыштар боюнча кылмыш иштери сот тарабынан жабык отурумдарда каралат.

Бул жагдай КР КЖПКнын 291-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптарынан келип чыккан, ал жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы кылмыштар жөнүндө кылмыш иштерин кароодо ишке катышкан адамдардын жашоосунун жыныстык жактары жөнүндө маалыматтарды же алардын ар-намысын жана кадыр-баркын кемсинткен маалыматтарды ачыкка чыгарбоо максатында, ошондой эле 16 жашка чыга элек балдар жасаган кылмыштар жөнүндө кылмыш иштерин караган учурда, ошондой эле процесстин катышуучуларынын, алардын жакын туугандарынын коопсуздугун камсыз кылуу талап кылган учурларда жабык сот отурумун өткөрүүнү шарттайт.

Жабык соттук териштирүү судьянын жүйөлөштүрүлгөн токтому, соттун аныктамасы боюнча жол берилет, бирок жалпылоодон көрүнүп тургандай, айрым судьялар кылмыш ишин ачык сот отурумдарында караганы көрүнүп турат.

Мисалы:

1. КР КЖКнын 39-161-беренесинин 1-бөлүгү менен айыпталган С.Т. карата кылмыш иши КИ-034-20/ч-5 (Панфилов райондук сотунун судьясы Т.Тагаев).

2. КР КЖКнын 39-161-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3-пункту менен айыпталган И.К. карата кылмыш иши КИ-54/21 Н6 (Нарын шаардык сотунун судьясы Ч.Дюшебаева).

3. КР КЖКнын 39-161-беренесинин 1-бөлүгү менен айыпталган Ш.у.Т. карата кылмыш иши КИ-11/20/ Н2 (Ат-Башы райондук сотунун судьясы Н.Малдыбаев).

4. КР КЖКнын 154-беренесинин 4-бөлүгү менен айыпталган Р.Ж., Т.С., М.Ш., К.А, Ю.Л., Т.Р., И.Ш., Б.Х. карата кылмыш иши КИ-99/22Д-4 т.4. и/б.36 (Жалал-Абад шаардык сотунун судьясы Калмамат уулу А.).

5. КР КЖКнын 161-беренесинин 3-бөлүгү, 161-беренесинин 3-бөлүгү менен айыпталган О.М. карата кылмыш иши КИ-195/21-Д4 т.2, и/б.190 (Жалал-Абад шаардык сотунун судьясы Калмамат уулу А.).

**Жазаны дайындоо**

КР КЖКнын 6-беренесине ылайык ушул Кодексте каралган жосунду жасаган адамга колдонулуучу жаза жана кылмыш-жаза-укуктук таасир этүүнүн башка чаралары кылмыштын оордугуна, ошондой эле аны жасаган жагдайларга ылайык келүүгө тийиш.

Жаза дайындоонун жалпы эрежелери КР КЖКнын 72-беренеси менен каралган, ага ылайык, жазаны дайындоодо жазанын алдын алуучу максаттарын эске алуу менен күнөөнүн даражасы жана жосун тарабынан келтирилген залалдын даражасына шайкеш келүүсүн эске алуу зарыл. КР КЖКнын 13-главасында кылмыш жасаган адамга жаза берүүдө сот сакташы керек болгон эрежелер камтылган.

2021-жылдын 26-февралындагы №4 КР Жогорку сотунун Пленумунун “Жазаны дайындоо боюнча соттук тажрыйба жөнүндө” токтомунун 1-бөлүгүнө ылайык, адамды жазалоонун максаты күнөөлүүнү түзөтүү жана ресоциалдаштыруу, жаңы кылмыштарды жасоону алдын алуу, социалдык адилеттүүлүктү калыбына келтирүү болуп саналат. Жаза күнөөлүү аракеттер үчүн гана берилиши керек жана мыйзамдуу, адилеттүү жана жекече болушу керек.

Жаза дайындоону регламенттеген КР КЖКнын жалпы бөлүгүнүн бардык жоболорун эске алуу менен дайындалышы керек.

Бирок, соттор жазаны дайындоодо кылмыш курамынын белгилерине тиешелүү болгон оордотуучу жагдайларды кайрадан эске алып ката кетиришет.

Кыргыз Республикасынын КЖКнын 74-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык жазаны оордотуучу жагдайлардын тизмеси толук көрсөтүлгөн, ал эми аларды белгилөө жазаны жекелештирүү маселесин туура чечүү олуттуу мааниге ээ. Оордотуучу жагдайлардын болушу күнөөлүүгө катуураак жаза берүү үчүн негиз болуп саналат. Сот күнөөлүүнүн кылмыш жасоодогу ролун терс чагылдырган, бирок оордотуучу жагдайлардын катарына кирбеген жагдайларды белгилөө менен өкүмдө күнөөлүүнүн инсандыгын мүнөздөгөн жагдай катары каттай алат.

КР КЖКнын 74-беренесинин 1-бөлүгүндө саналган жагдайлар, алар кылмыштын тигил же бул курамынын милдеттүү же квалификациялык белгиси болбогон учурда гана оордотуучу болуп таанылышы мүмкүн.

Квалификациялык белгилер конкреттүү кылмыштын курамына киргизилген. КР КЖКда көрсөтүлгөн оордотуучу жагдайлар ар кандай кылмышка тиешелүү болушу мүмкүн.

Аталган категориядагы кылмыш иштерин кароодо соттор кандай учурда болбосун кылмыш курамынын квалификациялык белгилери КР КЖКнын 74-беренесинде саналган жагдайлар менен дал келген учурда жаза дайындоодо кайталап эске алынбашы керектигин эске алышы керек.

Алсак, Бишкек шаардык сотунун апелляциялык инстанциясынын 2022-жылдын 08-апрелиндеги өкүмү менен Октябрь райондук сотунун 2021-жылдын 23-сентябрындагы Дж.Э. карата өкүмү өзгөртүлгөн. (КИ-459/21Б2). Дж.Э. 2010-жылы туулган Р.Б. аттуу жаш балага карата сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттери үчүн КР КЖКнын 162-беренесинин 4-бөлүгү боюнча 15 жылга эркинен ажыратылган.

1994 –ж.т. Дж.Э., А.А. менен 2018-жылдан 2022-жылдын 22-майына чейин жарандык никеде болуп, Бишкек ш. 11-кичи районунун 20-үйүнүн №113 батиринде жашап, бир нече жолу А.А.нын үйдө жок болгон учурунда Р.Б.нын алсыз абалынан пайдаланып, аны коркутуп, өзүн жылаңачтап, жашы жете элек Р.Б.ны жылаңачтап диванда жатып алып, сексуалдык мүнөздөгү аракеттерди ыплас түрдө жасаган.

Апелляциялык инстанция өкүмдү өзгөртүп, сот жазаны оордотуучу жагдайлар катары “алсыз абалда турган жаш балага карата” кылмыш жасоону туура эмес көрсөткөндүгүн белгиледи, анткени алсыз абалда турган жаш балага карата көрсөтүлгөн кылмышты жасоо квалификациялык белги болуп саналат жана КР ЖКнын 72-беренесинин 4-бөлүгүнүн (2017-ж. редакциясында) талаптарына ылайык жаза дайындоодо кайра эсепке алынышы мүмкүн эмес жана КР КЖКнын 162-беренесинин 4-бөлүмү боюнча 13 жылга эркинен ажыратуу түрүндө жаза белгилеген. Өкүмдүн калган бөлүгү өзгөрүүсүз калтырылган.

**Жалпылоо менен Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин Жалпы бөлүгүнүн ченемдеринин соттор тарабынан туура эмес колдонулушунан улам жаза дайындоо бөлүгүндө өкүмдөрдү өзгөртүү учурлары бар экени аныкталган.**

КР КЖКнын 37-беренесине ылайык ушул Кодекстин Өзгөчө бөлүгүнүн тиешелүү беренесинде каралган кылмышты жасоого түздөн-түз багытталган, түз кара ниетте адам тарабынан жасалган жосун (аракет же аракетсиздик), эгерде кылмыш адамдын эркине көз каранды болбогон себептер боюнча аягына чыгарылбаса, кылмыш жасоого аракеттенүү деп таанылат.

Кылмыш жасоого аракеттенүү үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилиги аяктаган кылмыш үчүн жоопкерчилик каралган ушул Кодекстин тиешелүү беренесинде ушул беренеге таянуу менен аныкталат.

КР КЖКнын 72-беренесинин 4-бөлүгүндө, эгерде кылмыш жоопкерчилигине тартылган адамга ушул Кодекстин Өзгөчө бөлүгүнүн беренесинде (беренесинин бөлүгүндө) кылмыштын курамы катары жеңилдетүүчү же оордотуучу жагдайлар каралса, анда ошол эле жагдайлар жазаны дайындоодо көңүлгө алынбай тургандыгы көрсөтүлгөн.

КР ЖС Пленумунун 2021-жылдын 26-февралындагы №4 “Жаза дайындоо боюнча соттук практика жөнүндө” токтомунун 8-пунктунда кылмыш жасоого аракеттенүү үчүн жаза дайындоодо, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 76-беренесинин 3-бөлүгү эске алынышы керек, жазанын мөөнөтү жана өлчөмү акыркы кылмыш үчүн КР КЖКнын Өзгөчө бөлүгүнүн тиешелүү беренелеринде (беренелеринин бөлүктөрүндө) каралган жазанын максималдуу мөөнөтүнүн төрттөн үч бөлүгүнөн же кыйла катуу түрүнүн өлчөмүнөн ашпашы керек деп көрсөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 75-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык кылмыш жасоого аракеттенүү үчүн жазанын мөөнөтү же өлчөмү аякталган кылмыш үчүн ушул Кодекстин Өзгөчө бөлүгүнүн тиешелүү беренелеринде (беренелеринин бөлүктөрүндө) каралган жазанын катуураак түрүнүн эн жогорку мөөнөтүнүн же өлчөмүнүн төрттөн үчүнөн ашык болбоого тийиш. Мында бул жазанын эң төмөнкү мөөнөтү же өлчөмү ушул Кодексте каралган жазанын ушул түрүнүн эң төмөнүнөн аз болбоого тийиш.

Ошол эле учурда, жалпылоодон көрүнүп тургандай, соттор мыйзамдын көрсөтүлгөн жоболорун дайыма эле эске алышпайт.

Алсак, КИ-105/21б4 боюнча Свердлов райондук сотунун 2021-жылдын 28-январдагы өкүмү менен жабырлануучунун эркине каршы зомбулук көрсөтүү менен жыныстык катнашка барууга аракет кылгандыгы үчүн А.Ш. КР КЖКнын 39-161-беренесинин 1-бөлүгү боюнча 7 жылга эркинен ажыратылган. (судья А.Камчыбекова)

2020-жылдын 17-июлунда Ш.А. мас абалында болуп, жабырлануучу М. к Н. үйдө жалгыз болгонун атайылап билип туруп, анын эркине каршы зордуктоо ниетинде М. к Н. күч колдонуп жерге жыгып, жабырлануучунун каршылыгына карабай, анын кийим-кечесин жана ич кийимин жулуп чечип баштаган. Бирок, жабырлануучу активдүү каршылык көрсөтүп, ошол убакта анын бир тууган байкеси келгендиктен, ага көз каранды болбогон жагдайлар боюнча өз ниетин аягына чейин жеткирген жок.

Бишкек шаардык сотунун апелляциялык инстанциясынын жазык иштери жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясы өкүмдү өзгөртүп, Ш.А. 5 жыл 6 айга эркинен ажыратып, жазанын өлчөмүн аныктоодо сот КР ЖКнын 76-беренесинин 3-бөлүгүнүн жобосун эске албагандыгын көрсөткөн (2017-ж. ред.).

КР ЖКнын 161-беренесинин 1-бөлүгүнүн санкциясы менен (2017-ж. редак.) III-категориядагы (7 жыл 6 ай чейин) эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза каралган жана КР ЖКнын 76-беренесинин мазмунуна ылайык 3/4 эркиндигинен ажыратуу III - категориясы боюнча 5 жыл 7 айды түзөт, б.а. зордуктоого аракет кылгандыгы үчүн белгиленген жаза 5 жыл 7 айдан ашпоого тийиш.

**Кылмыштардын жыйындысы боюнча жазаларды дайындоо**

КР КЖКнын 11-беренесине ылайык жосундун кылмыштуулугу жана жазаланышы ошол аракет жасалган убакытта колдонулган мыйзам менен аныкталат.

Ушул Кодекстин ар кандай беренелери (беренелеринин бөлүктөрү), ошондой эле бир беренеси (беренесинин бөлүгү) катары каралган эки же андан көп кылмыш бир эле адам тарабынан жасалганда, алардын бири боюнча да адам соттолбосо жана жазык куугунтуктоосунун эскирүү мөөнөтү аяктабаса, кылмыштуу жосундардын жыйындысы деп таанылат. (КР ЖКнын 78-бер. 2017-ж. ред.).

Жалпылоону жүргүзүүдө бир катар кылмыш иштери боюнча жаза дайындоодо соттор КР ЖКнын 78-беренесинин 3-бөлүгүнүн (2017-ж. редак.) жоболорун негиздүү колдонгону аныкталган, анда сот тарабынан жаза дайындоодо: эгерде жасалган кылмыштар оор же өзгөчө оор болсо - сиңирүү колдонулбайт; эгерде жасалган кылмыштардын бардыгы этиятсыздыктан болсо - толук бириктирүү колдонулбайт; эгерде жасалган анча оор эмес жана оор кылмыштар этиятсыздыктан болсо - жарым-жартылай бириктирүү колдонулат, ал эми бардык анча оор эмес, оор жана өзгөчө оор кылмыштар атайылап жасалган болсо - толук бириктирүү колдонулат, бирок дайындалган акыркы жазанын мөөнөтү тиешелүү түрдө эркиндигинен ажыратууда беш, он беш жана жыйырма жылдан ашпоого тийиш.

**Бирок, кылмыштардын жыйындысы боюнча акыркы жазаны дайындоодо айрым каталар бар.**

Алсак, КИ-59/20-Д1с3 боюнча Жалал-Абад облусунун Аксы райондук сотунун 2020-жылдын 17-ноябрындагы өкүмү менен КР ЖКнын 161-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пункту боюнча М.у.Б. 10 жылга эркиндигинен ажыратылып, 162-беренесинин 3-бөлүгүнүн 2-пункту боюнча 10 жылга эркиндигинен ажыратылып, КР ЖКнын 78-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык жарым-жартылай кошуу жолу менен биротоло 13 жылга эркинен ажыратуу жазасы белгиленген. (судья Т.Насирова).

Өкүмдөн көрүнгөндөй, М.у.Б. жашы жете элек 01.06.2005-жылы туулган А.к.Г., алсыз абалынан пайдаланып, эки жолу табигый түрдө зордуктаган жана зордукчул мүнөздөгү сексуалдык аракеттерди жасаган.

Көрүнүп тургандай, М.у.Б. айыпталып жаткан кылмыштар (КР ЖКнын 161 –бер. 3-б. 3-п. жана 162-бер. 3-б. 3-п.) өзгөчө оор кылмыштарга кирет.

Биринчи инстанциядагы сот кылмыштардын жыйындысы боюнча жазаны сиңирүүнү колдонуп, 15 жылга эркинен ажыраткан, КР ЖКнын 78-беренесинин 3-бөлүгүн эске албастан, анткени ал беренеде, эгерде жасалган кылмыштар оор же өзгөчө оор болсо, акыркы жазаны дайындоодо - **сиңирүү колдонулбаганы көрсөтүлгөн**.

Жалал-Абад облустук сотунун апелляциялык инстанциясы Аксы райондук сотунун көрсөтүлгөн өкүмүн өзгөртүп, 15 жылга эркинен ажыратуу жазасын колдонуп, КР ЖКнын 78-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3-пунктунун жобосуна көңүл бурган эмес. (соттор Б.Султанканов, И. Ботоев, докл. С.Бекташов).

Соттордун өкүмдөрүнүн мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү менен КР ЖС кассациялык инстанциясы КР ЖКнын 78-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3-пунктунун негизинде (2017-ж. ред.) жазаларды толук кошуу жолу менен апелляциялык инстанциянын өкүмүн өзгөртүп, М.у.Б. жазасын биротоло 20 жылга эркиндигинен ажыратууну белгилеп, М.у.Б. жасалган кылмыштуу жосундар өзгөчө оор кылмыштарга таандык экендигин жана жазаны дайындоодо сот жазанын алдын алуу максаттарын эске алуу менен жосундан келтирилген зыяндын даражасына шайкеш келишинин эске алышы керектигин белгиледи.

КР ЖКнын 78-беренесинин 3-бөлүгүнүн эрежелери боюнча дайындалган акыркы жаза, кандай болгон күндө да, бардык кылмыштар үчүн берилген жазадан кыйла катуу болушу керек.

Бул жалпылоо ошондой эле бардык соттор колдонуудагы 1997-жылдын редакциясындагы КР КЖКнын 20-главасында, 2017-жылдын редакциясындагы КР ЖКнын 25-главасында жана КР КЖКнын колдонуудагы редакциясындагы 23-главасында каралган өзгөчө коомдук коркунучту жана кылмыштардын спецификасын тийиштүү түрдө эске ала бербестигин көрсөттү.

Соттор тарабынан кылмыштардын объективдүү белгилерин аныктоодо, айыпкердин аракеттерин квалификациялоо маселелеринде каталар кетирилип, ошондой эле өкүмдөрдү түзүүдө олуттуу кемчиликтер орун алган. Каталар негизинен субъективдүү мүнөзгө ээ жана алар иштин жагдайларын толук эмес изилдөөгө байланыштуу.

Мында, бир катар маселелер боюнча соттордо материалдык укуктун ченемдерин колдонууга бирдей мамиленин жоктугу байкалууда.

Адамдын жыныстык кол тийбестигине жана жыныстык эркиндигине каршы кылмыштар боюнча каралган кылмыш иштеринин талдоосуна төмөнкүдөй кылмыштар кирген: “Зордуктоо” (КЖКнын 1997-ж. редакциясы боюнча 129-беренеси, ЖКнын 2017-ж. редакциясы боюнча 161-беренеси жана КР КЖКнын 154-беренеси), “Сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер” (тиешелүүлүгүнө жараша: кылмыш-жаза кодексинин 130-беренеси, 162-беренеси жана 155-беренеси) жана “Сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо” (КЖКнын 131-беренеси, 163-беренеси жана 156-беренеси).

КР КЖКнын 129 жана 130-беренелеринде (1997-ж. ред.) каралган кылмыштарга жабыр тарткан адамга же башка адамдарга зомбулук көрсөтүү же аны колдоном деп коркутуу менен же болбосо жабыр тарткан адамдын алсыз абалын пайдалануу менен анын эркине жана макулдугуна карабастан жасалган жабыр тарткан адамга (жабырлануучуга) карата жыныстык катнашка баруу, бачабаздык, лесбиянчылык жана сексуалдык мүнөздөгү башка аракеттер кирет.

Кылмыш иштерин иликтөө көрсөткөндөй, соттор зордуктоо деп эркек кишилер тарабынан жабыр тарткан аялдарга карата жасалган табигый зордук-зомбулук сексуалдык аракеттерди түшүнүшкөн.

Карама-каршы жыныстагы жана бир жыныстагы өнөктөштөрдүн ортосундагы жыныстык кумарын кандыруунун бардык башка жолдору, соттор кылмыш иштерин кароодо сексуалдык мүнөздөгү башка аракеттерге киргизишкен. Кылмыш жасагандыгы үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартуу үчүн алар жабырлануучуга же башка адамдарга зомбулук көрсөтүү же аны колдонуу коркунучу менен, болбосо жабырлануучунун алсыз абалын пайдалануу менен коштолуусу зарыл. Мында жосунду квалификациялоо үчүн көрсөтүлгөн кылмыштарды жасоонун жүйөсү (жыныстык муктаждыкты канааттандыруу, өч алуу, улуттук же диний жек көрүү, жабыр тарткан адамды басынтууну каалоо ж.б.) мааниге ээ эмес.

Изилденген мезгилдин ичинде соттордун практикасында аял тарабынан эркекке зомбулук көрсөтүү же аны колдонуу коркунучу аркылуу жыныстык катнашка мажбурлоого байланышкан иштер болгон эмес.

Жалпылоо көрсөткөндөй, бул категориядагы кылмыштардын көпчүлүгү соттолгондор тарабынан мас абалында жасалган.

Зордуктоо жана сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттери жөнүндө кылмыш иштерин кароодо соттор тарабынан ар бир иш боюнча жабырлануучуларга карата зомбулук же зомбулук колдонуу коркунучу болгондугу, ошондой эле мындай зомбулук же коркунуч кандай конкреттүү түрдө билдирилгендиги жөнүндө маселе такталган, анткени КР КЖКнын 129 жана 130-беренелеринде (1997-ж. ред.), КР ЖКнын 161, 162-беренелеринде (2017-ж. ред.) жана КР КЖКнын 154, 155-беренелеринде (колдонуудагы редакцияда) каралган сексуалдык кылмыштар бардык учурда күч колдонуу же болбосо аны колдонуу коркунучу менен жасалган.

Практика көрсөткөндөй, колдонулган зомбулуктун мүнөзүн, аны колдонуунун максаттарын туура эмес аныктоо жасалган жосунду юридикалык квалификациялоодо каталарга алып келет.

Мындай кылмыштар ден соолукка каршы кылмыштардан айырмаланып турат, анткени күнөөлүүлөрдүн ниети зордуктоого же сексуалдык мүнөздөгү башка зомбулук аракеттерге, б.а. жабырлануучулардын эркинен тышкары жыныстык муктаждыкты канааттандырууга багытталган. Ал эми ден соолукка ар кандай даражадагы оорчулук келтирүү башка максат менен коштолот, тактап айтканда уруп-сабоо, кыйноо, оор сезимдерди, дене-бой жана моралдык азаптарды келтирүү менен коштолот.

Бирок, зордуктоо же сексуалдык мүнөздөгү башка зордук-зомбулук аракеттерин жасоодо, физикалык зомбулук, эреже катары, уруп-сабоо, ден-соолукка ар кандай деңгээлде зыян келтирүү менен коштолот.

Күнөөлүүнүн аракеттерин квалификациялоо жөнүндө маселени чечүү, зордуктоо же сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттерди жасоонун натыйжасында жабырлануучунун ден соолугуна оор зыян келтирилген учурда пайда болгон кесепеттерге карата күнөөлүүнүн мамилесинен көз каранды болот.

Эгерде зордуктоодо же сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттерди жасоодо же аларга кол салууда жабырлануучунун ден соолугуна атайылап оор залал келтирилсе, күнөөлүү адамдын аракеттери соттор тарабынан КР КЖКнын 129 жана 130-беренелеринин тийиштүү бөлүгү (1997-ж.ред.) жана КР ЖКнын 161, 162-беренелери (2017-ж. ред.) жана КР КЖКнын 97, 104, 105-беренелери (1997-ж.ред.) менен каралган кылмыштардын жыйындысы боюнча квалификацияланган.

Зордуктоо же сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттерди жасоодо жабырлануучунун ден соолугуна этиятсыздык менен оор залал келтирүү КР КЖКнын 129-беренесинин 2-бөлүгүнүн 4-пункту же 130-беренесинин 4-пункту (1997-ж.ред.) менен квалификацияланышы керек жана КР КЖКнын башка беренелери боюнча кошумча квалификация талап кылынбайт.

Мындан тышкары, мыйзамда башка адамдын жыныстык эркиндигине байланыштуу мыйзамсыз аракеттер үчүн, ден соолукка атайылап жеңил зыян келтирүү үчүн эмес, кыйла катуу жоопкерчилик каралган, ал көбүнчө сексуалдык мүнөздөгү зордук-зомбулуктун кесепети болуп саналат, ошондуктан бул кылмыштын курамы менен камтылган. Зордуктоо учурунда ден соолукка жеңил зыян келтирүү, тажрыйба көрсөткөндөй, соттор тарабынан зордук-зомбулук менен жыныстык катнашка баруу катары квалификацияланган.

**Мисалы,** соттордун өкүмдөрү менен соттолгон Р.Э., анткени ал 2020-жылдын 5-июнунда саат 20:00 чамасында Бишкек шаарынын Үсөнбаев көчөсүндөгү “Карагач токою” сейил багында жүрүп, жашы жете элек З.А. менен Б.С. токойго өткөнүн көрүп, алардын артынан барган. Аларга жетип, акчалай сыйлык алуу үчүн аны менен жыныстык катнашка барууну сунуш кылган. Бирок баш тартууну угуп З.А.ны эки колу менен чачынан кармап, жерге жыккан, кыздарга жардам берүү үчүн чуркап келе жаткан адамды байкап, жашырынууга аракет кылган.

Кылмыш ишинин материалдарынан кылмыш жасоонун жүрүшүндө соттолгон Р.Э. өз аракеттери менен З.А.нын ден соолугуна жеңил зыян келтиргендиги, ден соолуктун кыска мөөнөттүү бузулушуна же эмгекке жарамдуулугун бир аз туруктуу жоготууга алып келбегендиги көрүнөт. Алдын ала тергөө органдары жана сот тарабынан Р.Э.нын аракеттери КР ЖКнын 39-беренесинин 1-бөлүгү, 161-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пункту менен зордуктоо аракети катары квалификацияланган, ден соолугуна каршы кошумча квалификациясы жок.

Апелляциялык жана кассациялык инстанциядагы соттук коллегия тарабынан бул өкүм өзгөртүүсүз калтырылган.

Соттук практиканы изилдөө жабырлануучу дайыма эле зордукчуга активдүү каршылык көрсөтө албасын жана жабырлануучунун денесинде дене жаракатынын жоктугу ага жыныстык катнаштын ыктыярдуулугу жөнүндө айтууга негиз берерин көрсөтүп турат. Мындай ырастоо физикалык зомбулуктун минималдуу формаларында болушу мүмкүн (жыгылды, колун сындырды, кийимин айрып салды ж. б.). Ошондуктан,

жабырлануучунун эркине каршы зордук-зомбулук менен жыныстык катнашка баруу ниетин аныктоо үчүн, ал жыныстык жакындыкка өзүнүн макул эместигин кантип жана канчалык ынандырарлык түрдө билдиргенин, демек, эркек бул жакындыкты каалабагандыгын түшүнгөндүгүн билүү чоң мааниге ээ. Зордуктоо мотиви ар дайым сексуалдык, башкача айтканда, жыныстык муктаждыкты канааттандыруу менен байланыштуу.

Алсак, Кара-Суу райондук сотунун 2021-жылдын 12-июлундагы өкүмү менен Семетей уулу А. КР ЖКнын 161-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пункту боюнча (2017-ж. ред.) 10 жылга эркинен ажыратылган, билип туруп жашы жете элек кызга К.Ж. карата зордуктоо жасагандыгы үчүн (судья В.Туманова).

Бирок, апелляциялык инстанция күнөөлүү К.Ж. жашы жете электигин билип туруп, эки тараптуу макулдашуу боюнча акыркы жолу жыныстык катнашка барган деген жыйынтыкка келип, жогорудагы өкүмдү өзгөртүп, С. уулу А. нын аракеттерин КР ЖКнын 164-беренесине (2017-ж. ред.) кайра квалификациялаган, квалификациялык белгилери болуп “он алты жашка чыга элек адамга карата сексуалдык мүнөздөгү аракеттер” эсептелет жана 7 жыл 6 айга эркинен ажыратуу жазасын белгилеген (судьялар: К.Жобонов, З.Жунусов баянд. - С.Закиров).

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2022-жылдын 19-январындагы токтому менен биринчи инстанциядагы соттун өкүмү күчүндө калтырылган, ал эми Ош облустук сотунун өкүмү, соттук териштирүүдө айыпталуучунун пайдасына өзгөртүлгөн жабырлануучунун көрсөтмөлөрүнө негизделген апелляциялык инстанциядагы соттун тыянактарынын негизсиздигин көрсөтүү менен жокко чыгарылган. Далилдерди баалоодо жана андан кийинки К.Ж.нын аракеттерин квалификациялоодо апелляциялык инстанциядагы сот айыпталуучунун жоопкерчилигин жеңилдетүүчү, жабырлануучунун өзгөртүлгөн көрсөтмөлөрүнө гана артыкчылык бербестен, жабырлануучунун фактылык далилдеринен жана чыныгы көрсөтмөлөрүнө, алардын жыйындысына таянуусу керектиги көрсөтүлгөн.

Зордуктоо, сексуалдык мүнөздөгү башка аракеттерди жасоодо күч колдонуу бул кылмыштардын объективдүү тарабынын башка квалификациялык белгисинен – жабырлануучулардын алсыз абалынан айырмаланууга тийиш.

Жабыр тарткан адамдын абалын алсыз деп табуу үчүн изилденген негиздер боюнча соттор жабыр тарткан адам өзүнүн дене-боюнун же психикалык абалынын айынан (кем акылдыгы же башка психикалык бузулуусу, дене кемчилдиги, башка оорулуу же аң-сезимсиз абалы, жаш же кары жашы ж.б.) аны менен жасалган аракеттердин мүнөзүн жана маанисин түшүнө албаган же күнөөлүү адамга каршылык көрсөтө албаган кырдаалды түшүнүшкөн.

Жабыр тарткан адамдын алсыз абалы, анын физикалык же психикалык абалына байланыштуу, аны менен жасалган иш-аракеттердин мүнөзүн түшүнүүгө жана күнөөлүүгө каршылык көрсөтө албагандыгына байланыштуу, сот тарабынан жабырлануучунун чыныгы жөндөмүнө жараша бааланган, мында ал жыныстык катнашка барганда жабырлануучу мындай абалда экендигин билиши керек.

Жабырлануучунун абалы алсыз болуп саналабы же жокпу деген маселени чечүүдө жабырлануучунун психикалык же дене-бой абалын аныктоо үчүн иш боюнча болгон далилдерге таянуу керек, анын ичинде эксперттин тиешелүү корутундусу болуш керек, анткени бул маселени чечүүдө соттук экспертизаны жүргүзүү зарыл болуп саналат.

Бул категориядагы иштер боюнча жосунду квалификациялоодо соттор тарабынан жабырлануучунун жаш курагына байланыштуу алсыз абалы анын айланасындагыларга, анын ичинде соттолуучуга да жашы айкын болгон учурда болгондугу аныкталган.

Соттордун тажрыйбасында КР КЖКнын 130-беренесинде (1997-ж.ред.) же КР ЖКнын 162-беренесинде (2017-ж. ред.) каралган, жабырлануучуну сылоо, денесине тийгизүү, ошондой эле жыныстык органын көрсөтүү, мындай аракеттер жабырлануучунун

алсыз абалын пайдалануу менен коштолгон учурларда адамдарды күнөөлүү деп табуу учурлары орун алган.

***Мисалы,*** 1951-жылдын 29-августтунда туулган К.Беков, Кайырма айылында почта имаратынын кире беришинде мас абалында болуп, өтүп бара жаткан 2010-жылы туулган М.А., 2013-жылы туулган М.А. жана 2009-жылы туулган М.А., колунан кармап токтотуп, колун кынына салып жиберген. Соттук-медициналык экспертизанын №372/3696 корутундусуна ылайык, оң жактагы чоң жана кичине жыныс эриндеринин чек арасында былжыр челин жыртып салган.

Аламүдүн райондук сотунун 2018-жылдын 03-апрелиндеги өкүмү менен К.Б. КР КЖКнын 130-беренесинин 3-бөлүгү (1997-ж. редак.) менен 15 жылга эркинен ажыратылып, жазасын күчөтүлгөн режимдеги колонияда өтөөсү каралган. (судья Ж.Аттокуров).

Чүй облустук сотунун жазык иштери жана административдик укук бузуулар жөнүндөгү иштер боюнча соттук коллегиясы К.Б. тарабынан жабырлануучуга карата зомбулук же зомбулук көрсөтүү коркунучу колдонулгандыгы кылмыш ишинин материалдары менен далилденбегендигин, 2018-жылдын 05-октябрындагы өкүмү менен К.Б.нын аракеттерин КР КЖКнын 133-беренесинин 3-бөлүгүнө кайра квалификациялагандыгын көрсөткөн (1997-ж. ред.) (“жаш адамдарга карата зомбулук көрсөтпөстөн бузуку аракеттерди жасоо”) жана жатак - абакта жазасын өтөө менен 3 жыл 9 айга эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза белгилеген (төрагалык кылуучу- А.Жумагулов, судьялар: Т.Өмүркулов, У.Садырбеков-баяндамачы).

Апелляциялык инстанциянын тыянактарына макул болбой, КР Жогорку соту 2018-жылдын 18-декабрдагы токтому менен Чүй облустук сотунун өкүмүн жокко чыгарып, Аламүдүн райондук сотунун өкүмүн күчүндө калтырып, кылмыш жасалган учурда соттолуучу 66 жашта, ал эми жабырлануучу 9 жашта болгонун көрсөтүү менен, анын натыйжасында соттолуучу толук түшүнгөн жабырлануучунун алсыз абалда экендигин жана өзүнүн жаш курагына байланыштуу аны менен жасалган иш-аракеттердин мүнөзүн жана маанисин түшүнө албагандыгын же күнөөлүү адамга каршылык көрсөтө албагандыгын көрсөткөн.

Ошентип, бул кылмыш боюнча зордуктоо сыяктуу эле, алар зомбулук менен гана коштолбостон, жабырлануучунун алсыз абалын колдонуу менен болгондугу адамды кылмыш жоопкерчилигине тартуунун негизи болот.

Жаш баланын аны менен жыныстык катнашка барууга макулдугу юридикалык мааниге ээ эмес, анткени мындай курактагы бала мындай аракеттердин мүнөзүн жана маанисин түшүнбөйт, ошондуктан жаш бала менен (14 жашка чыга элек бала менен) сексуалдык мүнөздөгү аракеттерди дайыма КР жаңы Кылмыш-жаза кодексинин 155-беренесинин 4-бөлүгү боюнча квалификациялоо керек.

***Башка мисал,*** Чүй облусунун Аламүдүн райондук сотунун 2019-жылдын 27-марттындагы өкүмү боюнча А.Ч. КР ЖКнын 162-беренесинин 4-бөлүгү (2017-ж.ред.) менен өмүр бою эркинен ажыратылган, анткени ал 2018-жылдын 16-декабрында саат 13:00дө мас абалында, ойноп жаткан 2015-жылы 13-июлунда туулган Б.С. көрүп, алдоо жолу менен үйүнө алып келип, даараткнада сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттерди жасаган (судья Ж.Сагыналиев). Чүй облустук сотунун 08.10.2019-жылдагы өкүмү менен бул өкүм өзгөртүүсүз калтырылган (судьялар: У.Садырбеков, А.Жумагулов, Т.Умуркулов).

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2020-жылдын 20-январындагы токтому менен 1 жана 2-инстанциялардын өкүмдөрүнүн жаза дайындалган бөлүгү өзгөртүлүп, өмүр бою эркинен ажыратуу 15 жылдык мөөнөткө алмаштырылган.

Келтирилген мисалдан соттор 3 жаштагы жабырлануучу кичинекей жаш бала экендигинен улам аны менен жасалган аракеттердин маанисин жана мүнөзүн түшүнгөн эмес деген тыянакка келишкендиги, ушуга байланыштуу күнөөлүү тарабынан жабырлануучуга зомбулук көрсөтпөстөн жасалган сексуалдык мүнөздөгү аракеттер анын

алсыз абалынан пайдаланылып, сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер катары квалификацияланат деген туура тыянакка келишкен.

Окшош квалификация жашы жете электер менен болгон иштер боюнча зордуктоо кылмыштарына карата да колдонулууга тийиш, анткени мындай учурда жабырлануучунун мындай аракеттерди жасоого макулдугу ыктыярдуу деп таанылышы мүмкүн эмес.

**Муну менен катар, жабыр тарткан адамдын алсыз абалда болгондугу жөнүндө тыянактарды соттор дайыма эле кандайдыр бир далилдерге артыкчылык берүү менен иштин бардык жагдайларын баалоого негиздебейт жана өкүмдө абал алсыз деп таанылган конкреттүү белгилерди тийиштүү түрдө жүйөлөштүрбөйт.**

***Мисалы*:** 2019-жылдын 1-январында Токтогул районундагы “Белек” кафесинде айыпталуучу Ш.К. 2005-жылы туулган жашы жете элек А.А. нын өгөй атасы болуп, күч колдонуп зордуктаган. Жалал-Абад облусунун Токтогул райондук сотунун 2019-жылдын 27-декабрындагы өкүмү менен Ш.К. КР ЖКнын 161-беренесинин 4-бөлүгү (2017-ж. ред.) менен анын аракеттеринде кылмыш курамынын жоктугу үчүн акталган (судья Н.Солпуева).

Жалал-Абад облустук сотунун 2021-жылдын 3-февралындагы өкүмү менен Токтогул райондук сотунун бул өкүмү жокко чыгарылып, иш боюнча айыптоо өкүмү чыгарылып, Ш.К. КР ЖКнын 161-беренесинин 4-бөлүгүндө каралган кылмышка күнөөлүү деп табылып, 13 жылга эркинен ажыратылган. Апелляциялык инстанциянын соттук коллегиясы биринчи инстанциянын өкүмүн жокко чыгарууга жатат деп, ал эми прокурордун апелляциялык сунуштамасында баяндалган соттун тыянактарынын кылмыш ишинин иш жүзүндөгү жагдайларына ылайык келбегендиги жөнүндө жүйөлөрүн негиздүү деп тапкан. КР КЖПКнын 345-беренесинин жоболоруна таянуу менен (2017-ж. ред.) актоо өкүмүнүн баяндоо-жүйөлөштүрүү бөлүгүндө коюлган айыптын маңызы, сот тарабынан белгиленген иштин жагдайлары, айыпталуучуну актоо үчүн негиз болгон далилдер, сот айыптоонун далилдерин анык эмес же жетишсиз деп тапкан себептер камтылууга тийиш. Ошондой эле, өкүмдө соттолуучуга карата соттун тыянактары негизделген далилдер жана сот башка далилдерди четке каккан себептер көрсөтүлүшү керек.

Ошону менен бирге, Ш.К. күнөөсүз деп табуу менен, биринчи инстанциядагы сот 2018-жылдын 14-августундагы соттук-медициналык экспертизанын корутундусуна шилтеме жасаган, ал корутундуда жабырлануучуну курчап турган адамдардын өз максатына жетүүсү үчүн жашы жете элек жабырлануучу өзүнүн пикирин өзгөртүүгө же чындыкка ылайык келбеген көрсөтмөлөрдү берүүгө жакын экендиги көрсөтүлгөн.

Бирок, иштин материалдарындагы болгон далилдерди талдап чыгып, соттук коллегия биринчи инстанциядагы сот тарабынан бардык болгон далилдерге баа берилбегенин, атап айтканда 2019-жылдын 11-февралындагы соттук-психологиялык экспертизасынын корутундусуна баа берилбегенин, ал корутундуда жашы жете элек кыз ойдон чыгарууга жөндөмсүз экенин белгилеген.

Ошол эле учурда кассациялык инстанция Жалал-Абад облустук сотунун өкүмүн күчүндө калтырып, эксперттин корутундусу, соттолгон адамды дал ушул жерде кармаган, Ш.К. менен сүйлөшкөндө өгөй кызы менен жыныстык катнашка барган фактысын айтканын билдирген мыйзамдуу өкүл А.Э.нын ишенимдүү көрсөтмөлөрү, ошондой эле жабырлануучу кыздын айтып бергендиги тууралуу класс жетекчисинин көрсөтмөсү менен тастыкталганын белгилеген.

Ошентип, биринчи инстанциядагы сот бир корутундуга артыкчылык берип, экинчи корутундуга, анын ичинде күбөлөрдүн көрсөтмөлөрүнө баа бербестен, берилген далилдерди чогуу изилдебестен, өз тыянактарын карама-каршы далилдерге негиздеген.

Соттор фантазиянын жогорулашы жөнүндө суроолор көбүнчө жашы жете элек жабырлануучуларга жана күбөлөргө коюларын эстен чыгарбашы керек, анткени бул жаш курагына байланыштуу ишенбөөчүлүккө дуушар болгон алардын көрсөтмөлөрү кызыкдар болгон чоңдор тарабынан өз пайдасына колдонулушу мумкун.

Ошондуктан, мындай көрсөтмөлөрдүн тууралыгына шек келтирген соттордун тыянактары бардык колдо болгон далилдерди ар тараптуу талдоого негизделип, Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун 2019-жылдын 24-майындагы №13 Пленумунун “Соттук өкүм жөнүндө” токтомунун 10-п. ылайык жүйөлөштүрүлүшү керек. Ушундан улам, он төрт жашка чыга элек жабырлануучунун (жабырлануучунун) алсыз абалын пайдалануу менен сексуалдык мүнөздөгү зордуктоо же зомбулук аракеттерди жасоонун жагдайларын баалоодо ар бир конкреттүү учурда анын жаш курагын тастыктоо менен гана чектелбестен, ал адам өзүнүн жаш курагына жана өнүгүүсүнө байланыштуу аны менен жасалган аракеттердин мүнөзүн жана маанисин түшүнө алгандыгын аныктоо зарыл. Эгерде жабырлануучу аны менен жасалган аракеттердин мүнөзүн жана маанисин түшүнө албаса, анда жасалган жосун жабырлануучунун алсыз абалын пайдалануу менен зордуктоо же сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер катары каралып, КР КЖК 129-бер. же 130-бер. тийиштүү бөлүктөрү боюнча квалификациялоо керек (1997-ж. ред.).

**Башка мисал:** Чүй облусунун Токмок шаардык сотунун практикасында КР КЖКнын 266-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган кылмыш жасагандыгы үчүн соттолгон Т.А.га карата кылмыш иши болгон, ал эми сотко чейинки өндүрүш органдары тарабынан күнөөлүүгө КР ЖКнын 162-беренесинин 1,4-бөлүгүндө каралган кылмыштын белгилери боюнча күнөөлүү деп табылган – “жашы жете электерге карата жасалган жабырлануучунун алсыз абалын пайдалануу менен сексуалдык мүнөздөгү аракеттер”.

Айыптоо корутундусунан көрүнүп тургандай, 07.10.2019 –жылы Т.А. болжол менен саат 12-25 чамасында Токмок шаарынын 3-кичи районунда жайгашкан 5-үйдүн экинчи подьездинде мас абалда болуп, 2014-жылы туулган Л.В.га карата сексуалдык мүнөздөгү аракеттерди жасаган, тактап айтканда, аны подьездге чакырып, анын алсыз абалынан пайдаланып, кызды эриндеринен өөп, денесин кучактап, эркелетип, андан кийин шымын чечип, жабырлануучуга жыныс органдарын көрсөткөн, андан кийин кыз качып кеткен. Т.А. ушул подьездден чыгып, ошол эле күнү саат 12-40 чамасында мас абалында, ошол эле кичи райондун №3-үйүнүн короосунда сексуалдык муктаждыктарын канааттандыруу максатында 2009-жылы туулган А.А. аттуу кызга келип, бир колу менен кыздын көзүн жаап, экинчи колу менен ийнинен кармап, эриндеринен өөп, астыңкы эринин тиштеген. Бул учурда жанында турган дагы бир жашы жете элек кыз К.Б. коркуп кыйкырып жиберген, буга байланыштуу Т.А. коркуп кетип, белгисиз тарапка качып кеткен.

Кылмыш ишинин материалдарында эксперттин корутундусу бар, андан А.А. оң жактагы ийиндин көгөрүшү түрүндөгү дене жаракаттары травматикалык бети чектелген туюк катуу нерсенин аракетинен пайда болушу мүмкүн, мөөнөтү боюнча иштин жагдайында көрсөтүлгөнгө дал келиши мүмкүн, оордук даражасы боюнча жабыркоо ден-соолуктун кыска мөөнөттүү бузулушуна алып келбеген ден соолукка жеңил зыян катары бааланат.

Мындан тышкары, амбулатордук соттук психологиялык-психиатриялык экспертизанын корутундусунан А.А. башка эмоциялар басымдуулук кылган адаптация түрүндөгү психикалык бузулуунун белгилери табылгандыгы, көрсөтүлгөн бузулуу, иштин жагдайында көрсөтүлгөн мөөнөткө дал келгендиги жана жогоруда көрсөтүлгөн инцидент менен түздөн-түз байланышы бар экендиги келип чыгат.

Өкүм чыгарып, биринчи инстанциядагы сот (өкүм 08.04.2020-ж., судья А.Р.Тойгонбаев) күнөөлүүнүн аракеттерин КР ЖКнын 162-беренесинин 1,4-бөлүктөрүн КР ЖКнын 266-беренесинин 1-бөлүгүнө кайра квалификациялаган (2 эпизод).

Чүй облустук сотунун 28.09.2020-жылдагы өкүмү менен биринчи инстанциянын өкүмү өзгөртүлгөн. Күнөөлүүнүн аракеттери КР ЖКнын 163-беренесине (2 эпизод боюнча) кайра квалификацияланып, КР ЖКнын 78-беренесинин негизинде акыры 5 жылга эркинен ажыратуу жазасы аныкталган. Мунапыс актысынын негизинде-кылмыш жазасынан бошотулган.

Бул иш кассациялык инстанцияда Кыргыз Республикасынын Аскер прокуратурасынын сунушу жана жабырлануучу тараптын даттануусу боюнча каралган.

Кассациялык инстанция прокуратуранын сунуштамасын жана жабырлануучу тараптын коргоо даттануусун жарым-жартылай канааттандырып, эки инстанциянын тыянактарына макул болбой, кабыл алынган өкүмдөрдү жокко чыгарып, кылмыш ишин биринчи инстанциядагы сотко кайрадан кароого жөнөткөн, өзүнүн чечимин төмөнкүлөр менен негиздеген.

Айыпталуучунун аракеттеринин квалификациясы өзгөргөн учурда, биринчи инстанциядагы сот тарабынан КР ЖКнын 266-беренесинин 1-бөлүгү боюнча соттолгондун аракеттерине бейбаштык катары юридикалык баа туура эмес берилген, анткени бейбаштыктын объектиси биринчи кезекте коомдук тартип болуп саналат. Ал эми кылмыш ишинин материалдары боюнча соттолгон адамдын ниети жана иш-аракеттери коомдук тартипти бузууга багытталбагандыгы көрүнүп турат. Биринчи инстанциядагы сот тарабынан кылмыштын объектисин туура эмес аныктоо соттолгондун аракеттеринин туура эмес квалификациясына алып келген.

Муну менен катар, коллегия апелляциялык инстанциянын соттолгон адамдын аракеттеринде КР ЖКнын 163-беренесинде каралган кылмыштын, башкача айтканда сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоонун орун алган тыянактарынын негизсиздигин да белгиледи, анткени сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоонун объективдүү жагы баарынан мурда жабырлануучуга анын жыныстык катнашка барууга же сексуалдык мүнөздөгү башка аракеттерге макул болушуна жетишүү максатында психикалык таасир этүүдө чагылдырылат.

Сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурланганда жабыр тарткан адамдан көрсөтүлгөн аракеттерди жасоого аргасыз макулдук алуу максатында ага таасир этүү ыкмалары менен мажбурланганда шантаж кылуу, мүлкүн жок кылам, бузам же алып коем деп коркутуу, болбосо жабыр тарткан адамдын материалдык же башка көз карандылыгын пайдалануу болуп саналат. Жабыр тарткан адамдын макулдугу бар экендигине же мындай аракеттерди жасоодон баш тарткандыгына же аларды реалдуу жүзөгө ашыргандыгына карабастан, сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо ар кандай формада тиешелүү талаптарды билдирген учурдан тартып аяктады деп эсептелет.

Баяндалган жагдайларда соттолгондун аракеттеринде жабырлануучулардын жаш курагына байланыштуу сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоонун объективдүү тарабынын милдеттүү белгилеринин жоктугун белгилөө менен кассациялык инстанция соттолгондун аракеттерин квалификациялоодо эки инстанциядагы соттун тыянактарынын туура эместигин көрсөткөн, ал иштин жагдайларын аныктоодо далилдерге баа берүүнүн туура эместигинен улам КР КЖПКнын 413-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык олуттуу бузуулар келип чыккан, анткени, бул мыйзамдуу жана негиздүү өкүмдүн чыгарылуусуна таасир эткен.

Ошону менен бирге, прокурордун сунуштамасын жарым-жартылай канааттандыруу менен кассациялык инстанция КР КЖПКнын 430-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде өкүм чыгарууга ыйгарым укугу жок экендигин белгилеген.

Бул ишти жаңы кароодо Чүй райондук соту (13.04.2022 – ж. өкүм, судья А.Шаршеева) КР ЖКнын 165-беренеси (2017-ж. ред.) боюнча Т.А.нын аракеттерин “ыплас аракеттер” деп квалификациялаган, мындай чечимди айыпталуучу тарабынан жашы жете электерге карата сексуалдык мүнөздөгү зордук-зомбулук аракеттерди жасоого айыпталуучунун ниети жөнүндө далилдерди айыптоочу тарап бербегендигин негиздеген.

Ошону менен бирге, кылмыштардын жыйындысы боюнча жазаны 5 жылдык мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу түрүндө аныктап, соттолгон Т.А.га карата пробациялык көзөмөл колдонулган, ал кийинчерээк ушул эле соттун токтому менен 2022-жылдын 7-октябрында Токмок ш. жана Чүй району боюнча пробация органынын сунушу боюнча, көзөмөл талаптарын жана соттолгон адамга жүктөлгөн пробациялык милдеттерди аткарбагандыгына байланыштуу жокко чыгарылган.

Жалпылоо көрсөткөндөй, соттор инсандын жыныстык кол тийбестигине жана жыныстык эркиндигине каршы кылмыштар боюнча иштерди кароодо жасалган кылмыштардын мүнөзүн жана коомдук коркунучтуулугунун деңгээлин эске алуу менен жазаны дайындоого негизинен дифференциялдуу мамиле кылышат. Бирок, жогорудагы мисал соттор пробациялык көзөмөлдү негизсиз колдонгон саналуу мисалдардын бири.

Ушуга байланыштуу, ошондой эле соттордун көңүлүн жаза дайындоо менен байланышкан маселелерди чечүүгө, балдарга карата зомбулук проблемасынын актуалдуулугун түшүнүүгө жана 14 жашка чыга элек балдарга карата укукка каршы жосундарды жасагандыгы үчүн адекваттуу жаза дайындоонун зарылдыгына буруу керек.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумунун 2019-жылдын 24-майындагы №13 “Соттук өкүм жөнүндө” (11-пункт) токтомунда камтылган түшүндүрмөлөргө ылайык, соттор күнөөлүүлөргө карата өлчөмү боюнча жумшактыктын да, катаалдыктын да кесепетинен ачыктан-ачык адилетсиз болуп саналган жазаны дайындоо фактыларына жол бербөөгө тийиш. Иш боюнча соттук териштирүү айыпталуучуга карата гана жүргүзүлгөнүн эске алуу менен сот өкүмдө башка адамдардын кылмыш жана (же) жорук жасаган күнөөлүлүгүн күбөлөндүргөн жагдайларды көрсөтүүгө жол бербеши керек.

КР КЖКнын 59-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, адамды жазалоонун максаты болуп күнөөлүүнү түзөтүү жана кайра социалдаштыруу, жаңы кылмыштарды жасоосун алдын алуу, социалдык адилеттүүлүктү калыбына келтирүү саналат. Демек, жазаны дайындоодо соттор кылмыш жасоонун коомдук коркунучунун мүнөзүн жана даражасын, күнөөлүүнүн инсандыгын, анын ичинде жоопкерчиликти жеңилдетүүчү жана оордотуучу жагдайларды, ошондой эле дайындалган жазанын соттолгонду түзөтүүгө жана анын үй-бүлөсүнүн жашоо шарттарына тийгизген таасирин эске алууга милдеттүү. Ушундан улам өкүмдө айыпталуучунун жоопкерчилигинин даражасына жана мүнөзүнө таасир этүүчү кандай жагдайлар, ошондой эле анын инсандыгын мүнөздөөчү башка жагдайлар жазык ишин териштирүүдө далилденгенин жана жазаны дайындоодо сот тарабынан эске алынганын көрсөтүү зарыл.

КР КЖКнын 82-беренесинин диспозициясына ылайык, эгерде сот соттолгонду жазаны өтөбөстөн түзөтүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө тыянакка келген учурда гана пробациялык көзөмөлдү колдонуу дайындалышы мүмкүн, ал жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо-кызыктыруучу чарасы болуп саналат.

Бирок, көрсөтүлгөн талаптарга карама-каршы, бул учурда сот жазанын адилеттүүлүгү жана жекелештирүү принциптерин сактаган эмес, соттолгон адамдын инсандыгына байланыштуу иштин жагдайларын эске алган эмес. Бул категорияга байланыштуу иштерге соттор өзгөчө көңүл бурушу керек, анткени ишти изилдөөгө формалдуу мамиле жазаны берүүдө соттун тыянактарына таасир этиши мүмкүн. Мында, жеңил жазалар адамдын жыныстык кол тийбестигине жана жыныстык эркиндигине каршы жасалган кылмыштардын алдын алууда өзүнүн алдын алуучу ролун негизсиз аткарбайт.

**Эгерде бир учурда айыпталуучу жабыр тарткан адамдын алсыз абалынан пайдаланып (жаш курагынан, психикалык ишинин бузулушунан, дене-бой кемчиликтеринен ж.б.) кылмыштуу аракеттерди жасай алса, экинчи учурда жабырлануучуну ушундай алсыз абалга келтирүүгө күнөөлүү адамдын жеке катышуусу мүмкүн экендигин эске алуу керек (мисалы, анын эркине каршы баңги каражаттарын киргизүү, алкоголдук ичимдиктерди ичүүгө мажбурлоо, эркиндигин чектөө, эркин жүрүүдөн кармап туруу ж.б.).**

***Алсак,*** Жалал-Абад шаардык сотунун 2022-жылдын 6-апрелиндеги өкүмү менен 12 жаштагы М.А.ны зордуктоо боюнча коюлган айып боюнча Р.Ж., Т.С., М.Ш., К.А., Ю.Л., Т.Р., И.Ш. жана Б.Х. аракеттери КР КЖКнын 154-беренесинин 4-бөлүгүнөн КР КЖКнын 157-беренесине кайра квалификацияланган, ал боюнча аларга 8 жылга эркинен ажыратуу түрүндө жаза каралган. КР Кылмыш-жаза кодексинин 82-беренесин колдонуу менен

соттолгондордун сегизи тең 4 жылдык мөөнөткө пробациялык көзөмөл колдонуу менен жазадан бошотулган.

Иштин материалдарынан көрүнүп тургандай, тергөө органдары жана эки инстанциядагы соттор бардык кылмыштардын окуялары 2022-жылдын 19-январында болгондугун аныкташкан, башында Р.Ж. катышуусунда машинанын ичинде болгон, андан кийин Жалал-Абад ш., Эркиндик көч., №100 дарегине С.Т. жашы жете элек М.А. алып келип, бөлмөгө жайгаштырган, ал жерде соттолгондор кезек менен М.Ш., К.А., Ю.Л., Т.Р., И.Ш. жана Б.Х. жабырлануучу менен жыныстык катнашка барышкан, ал эми 2022-жылдын 20-январында, С.Т. жабырлануучу М.А.ны "Эконом класс" мейманканасына алып барып, кайра жыныстык катнашка барган.

Айыпталуучулардын аракеттеринин квалификациясын КР КЖКнын 157-беренесине "он сегиз жашка толгон адам, он алты жашка чыга элек бала менен жасаган сексуалдык мүнөздөгү башка аракеттер, КР КЖКнын 154, 155 жана 156-беренелеринде каралган кылмыштардын белгилери жок болгон учурда" деп өзгөртүүдө биринчи инстанциядагы сот тарабынан зордуктоо белгилерин камтыган иш боюнча маанилүү жагдайларга тийиштүү баа берилген эмес.

Кылмыш ишинин материалдары боюнча соттолгондордун ниети жана аракеттери 12 жаштагы кыз баланын жыныстык кол тийбестигине багытталгандыгы көрүнүп турат, буга байланыштуу алардын аракеттеринде жабырлануучунун алсыз абалын пайдалануу менен жасалган зордуктоо белгилери бар, анткени кыз өзүнүн дене-бой жана психикалык абалына, ошондой эле жаш курагына байланыштуу каршылык көрсөтө алган эмес, ал эми өз кезегинде кыздын (физиологиялык жактан бала) имараттын ичинде жалгыз болгондугунан ага өзүнө тааныш эмес жигиттер кезектешип кирип зордуктоо жасоо менен соттолгондор жабырлануучунун алсыз абалда экендигин түшүнүшкөн.

Апелляциялык сунушка каршы Жалал-Абад облустук сотунун 2022-жылдын 27-сентябрындагы өкүмү менен жазык иштери боюнча соттук коллегия биринчи инстанциядагы соттун тыянактарына макул болуп, "жабырлануучунун алсыз абалын колдонуу менен" кылмыштын квалификациялык белгисин эске алган жок. Ошону менен бирге, эки инстанциядагы соттор кабыл алынган чечимди негиздөөдө жабырлануучунун мыйзамдуу өкүлүнүн утурлама билдирүүсүнө иш жүзүндө шилтеме жасашкан, мында жабырлануучу тараптын өз ара жокко чыгаруучу көрсөтмөлөрүнө баа бербестен, жабырлануучунун да, айыпталуучунун да баштапкы көрсөтмөлөрүн өзгөртүүнүн себептерин белгилебестен, ошондой эле айыпталуучулардын "12 жаштагы кыз интимдик муктаждыгын канааттандыруу максатында жигиттерди кабыл алууну өзү демилгелеген", -деген көрсөтмөлөрүнө сын баа бербестен, соттор айыпкерлердин аракеттеринде "зордуктоо" кылмышынын белгилери жок деген тыянакка келишкен.

Апелляциялык инстанциянын өкүмү кассация тартибинде даттанылган эмес.

Изилдөө көрсөткөндөй, айрым соттор өспүрүм курактагы балдарга карата зордуктоонун объективдүү жагын аныктоодо "жабырлануучунун алсыз абалын пайдалануу" сыяктуу белгини аныктоодо кыйынчылыктарга туш болушат.

Соттордун көңүлүн бура турган нерсе, 14 жашка чыга элек балдар менен жыныстык катнашка баруу мыйзамсыз мүнөзгө ээ, анткени жабырлануучунун зордуктоочуга карата активдүү каршылык көрсөтүү белгилеринин жоктугу ыктыярдуулуктун же жабырлануучунун өз ара макулдугунун элементин көрсөтпөйт.

Жабырлануучу менен макулдашуу боюнча кийинки жыныстык актылар менен коштолгон зордуктоо, эгерде жабырлануучу 16 жашка чыга элек болсо, КР КЖКнын 154-беренесинен тышкары КР КЖКнын 157-беренеси боюнча жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн. Жабырлануучу өз эркине ылайык иш кылуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратылган учурларда зомбулуктун белгиси жана негизги болуп саналат. Эркиндикти чектөө зомбулуктун бир түрү катары физикалык жана психикалык зомбулуктун элементтерин камтыйт. Физикалык зомбулук жабырлануучунун денесине түздөн-түз таасир этип, аны

белгилүү бир жерде кармоо, анын өз алдынча жүрүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратуу менен байкалат.

Психикалык зомбулукка элемент катары келсек, ал жабырлануучунун психикасына тийгизген таасири менен чагылдырылат, ал өзүнө белгисиз жерде болуу үчүн ишенимден ажыратылган адамдын психикалык азап чегишине алып келиши мүмкүн, анын жанында бойго жеткен эркек кишинин болушунан коркуу, өзүнүн эркиндигинин жоктугунан коркуу, бошотуу жөнүндө күмөн саноо, башка зордук-зомбулукту күтүү, кадимки, көнүмүш жашоо шарттарынан ажыратуу.

Ошондуктан зомбулукка активдүү каршылык көрсөтүү жабырлануучу (балдар) тарабынан жактыруунун же макулдуктун белгиси болуп саналбайт жана күнөөлүү тарабынан жабырлануучуга зомбулук көрсөтпөстөн жасалган жыныстык катнаш же сексуалдык мүнөздөгү аракеттер КР КЖКнын 154-беренеси же 155-беренеси боюнча алсыз абалды пайдалануу менен зордуктоо же сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер катары квалификацияланышы керек, анткени мындай учурда жабырлануучунун мындай аракеттерди жасоого макулдугу ыктыярдуу деп табылышы мүмкүн эмес.

**Ар кандай ырааттуулукта сексуалдык мүнөздөгү зордуктоо жана зордук-зомбулук аракеттери соттор тарабынан каралган кылмыштардын жыйындысы КР КЖКнын 154, 155-беренелери боюнча квалификацияланышы керек.**

Сот практикасында келип чыккан маселелерди эске алуу менен бирдей (же окшош) кайталануу бирдей аракеттер жасалган учурларда орун ала тургандыгын белгилей кетүү керек. Башкача айтканда, зордуктоо жасаган адам кайрадан (эскирүү мөөнөтүнүн чегинде) зордуктоо жасайт, ал эми сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттерди жасаган адам тиешелүү түрдө ошол эле аракеттерди кайрадан жасайт. **Эске алчу нерсе, эгерде айыпталуучу бир жабырлануучуга карата зомбулук көрсөткөн болсо, анда жасалган зордуктоо менен сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттеринин ортосундагы убакыт ажырымы болгон-болбогону маанилүү эмес, мындай жосундар ар бир эпизод боюнча квалификацияланып, жаза кылмыштардын жыйындысы боюнча аныкталууга тийиш.**

***Мисалы:*** Соттолгон Х.Х. 2017-жылдан тарта жашы жете элек жабырлануучу Х.С.нын апасы менен бирге жашап, Чүй айылы, Карл Маркс көчөсү, 24-үйүндө узак убакыт бою жашаган, 5 жаштан баштап жаш жабырлануучуну өгөй ата катары тарбиялап, баланын психикалык өнүгүүсү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүнүн, анын инсандыгын адеп-ахлактык жана кадыр-барктуулук шартында калыптандыруунун ордуна жабырлануучу Х.С. менен жыныстык катнаштарды жана сексуалдык мүнөздөгү зордук-зомбулук аракеттерди тоскоолдуксуз жана жазасыз жүзөгө ашыруу үчүн анын баш ийүүсүнө жетишүү максатында анын аң-сезимине жана эркине терс таасирин тийгизген. Ошону менен жашы жете элекке карата сексуалдык мүнөздөгү зордуктоо жана зордук-зомбулук аракеттерин үзгүлтүксүз жасап келген.

Тактап айтканда, Х.Х. 2017-жылдын июль айынын ортосунда ар кайсы күндөрү эки жолу 11 жаштагы Х.С.нын алсыз абалынан пайдаланып, 2017-жылдын октябрь айынын аягында ар кайсы күндөрү эки жолу үйүндө болуп, башка үй-бүлө мүчөлөрүнүн жоктугунан пайдаланып, жабырлануучу менен табигый түрдө жыныстык катнашка барып, андан кийин ага карата сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттерди жасаган. Ушундай эле жагдайда Х.Х., 19.08.2021-ж. Х.С. карата зордуктоо жасаган. Буга байланыштуу Х.Х. КР ЖКнын 162-беренесинин 4-бөлүгү (2017-ж. ред.), 162-беренесинин 4-бөлүгү (2017-ж. ред.), 161-беренесинин 4-бөлүгү (2017-ж. ред.), 161-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пункту (2017-ж. ред.) боюнча айып коюлган. Жалпысынан Х.Х., беш эпизод боюнча айыпталган.

Чүй райондук сотунун 04.02.2022-жылдагы өкүмү менен Х.Х., КР ЖКнын 162-б. 4-б., 161-б. 4-б. жана 161-б. 3-б. 1-п. каралган кылмыштарга күнөөлүү деп табылган (2017-ж. ред.). КР ЖКнын 77-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде Х.Х. дайындалган жазаларды жарым-жартылай кошуу жолу менен жалпы режимдеги түзөтүү абагында жазасын өтөө менен 18 жылга эркиндигинен ажыратуу жазасы биротоло аныкталган.

Айыпталуучунун аракеттерин үч эпизод боюнча квалификациялап жана тергөө органдары тарабынан көрсөтүлгөн эки эпизодду алып салуу менен, биринчи инстанциядагы сот КР ЖКнын 36-беренесин жетекчиликке алган (2017-ж. ред.) иштин белгиленген фактылык жагдайларынан улам, 2017-жылдын июлунан тартып 2017-жылдын октябрына чейин Х.Х. үйүндө болуп, өзүнүн өгөй кызы Х.С.нын алсыз абалынан пайдаланып, аны менен бузуку түрдө жыныстык катнашка баргандыгын көрсөтүп, буга байланыштуу жасалган жосунду бирдиктүү уланып жаткан кылмыш катары кароо керектиги, анткени, бир эле жабырлануучуга карата кыска убакыттын ичинде сексуалдык мүнөздөгү бир нече зомбулук аракеттер жасалган жана аларды жасоонун жагдайлары күнөөлүүнүн көрсөтүлгөн бирдей аракеттерди жасоого болгон бирдиктүү ниетин күбөлөндүргөн.

Апелляциялык даттануунун алкагында келтирилген коргоо жүйөөлөрүнө ылайык, акыркы эпизод КР ЖКнын 161-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пункту боюнча (2017-ж. ред.) айып негизсиз, анткени жабырлануучу 15 жашында 19.08.2021-жылы өзү өгөй атасын азгырган, бул анын өгөй атасы тарабынан зомбулук жөнүндө таежеге айтууну чечкенде, таежеси ага эч ким ишенбейт жана далил керек деп айткан деген көрсөтмөсү менен тастыкталат. Ушуга байланыштуу, ал талаага апасы менен барган эмес, өзүнүн каалоосу менен үйдө өгөй атасы менен жалгыз калган, ал эми болгон жыныстык катнаштан кийин апасына билдирген. Ыктыярдуулук фактысын, коргоо тарап жабырлануучунун денесинде зомбулуктун белгилеринин жоктугун билдирген.

Апелляциялык инстанция даттануунун далилдери менен макул болбой, биринчи инстанциядагы соттун өкүмүн өзгөртүүсүз калтырган, жабырлануучу өзүнүн физикалык жана психикалык абалынын айынан алсыз абалда болгонун жүйө келтирип, 23.09.2021-жылдагы психологиялык-психиатриялык экспертизанын корутундусуна таянган, анын тыянактарына ылайык, Х.С. жабырлануучуда түзүлгөн кырдаалдын узактыгынан улам айкын эмоционалдык дискомфорт байкалбагандыгы жана аны чыгаруу үчүн психологиялык коргоо иштелип чыккандыгы, бул ага эмоционалдык бузулуудан качууга жардам берет. Соттор тарабынан тыянактарын негиздөөдө соттолгон келтирген далилдерди жокко чыгаруучу далилдери келтирилген, анда жабырлануучу түздөн-түз алардын ортосундагы жыныстык катнаш анын эркине каршы болгонун, анын каршылык көрсөтүүсү анын үстүнөн коркутуу менен басылганын көрсөткөн.

Ошону менен бирге, Чүй райондук сотунун сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер бөлүгүндө эки эпизод боюнча кылмыштын уланышы тууралуу тыянактарына макул болуп, апелляциялык инстанция ошондой эле жабырлануучуга карата зомбулук кыска убакытка үзгүлтүккө учурабаган же үзгүлтүккө учураган жана зордуктоо жана сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттери жасалган жагдайлар күнөөлүүнүн бирдей ниетин күбөлөндүргөн учурларда, анын экинчи жана андан кийинки зордук-зомбулук аракеттерин жасоосу, кайталануу белгиси боюнча жосунду квалификациялоо үчүн негиз берүүчү жагдай катары каралышы мүмкүн эмес. Соттун өкүмүндө ошондой эле айыпталуучу жабырлануучуга карата сексуалдык мүнөздөгү зордуктоо жана зордук-зомбулук аракеттерин жасап, бир ниет менен иш кылгандыгы көрсөтүлгөн.

Бирок, жабырлануучу алдын ала тергөөдө жана сотто 4 жыл бою мындай зомбулуктун үзгүлтүксүздүгүн көрсөткөнүн жана айыпталуучу аны менен табигый түрдө жыныстык катнашка (зордуктоо) кирип, бир эле учурда ага карата сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттерди жасаганын белгилей кетүү керек.

Бул жазык иши кассациялык тартипте каралган эмес.

**Башка мисал**, Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунун 2020-жылдын 3-августундагы өкүмү менен З.Т. КР ЖКнын 130-бер. 2-бөл., 2,7-п.; 161-бер. 2-бөл. 1,3-п.; 202-бер. 3-бөл. 2-п. каралган кылмыштарды жасоодо күнөөлүү деп табылган. КР ЖКнын 78-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3-пунктуна ылайык (2017-ж. редакциясында) З.Т. 20 жылга эркинен ажыратуу түрүндөгү жаза 1 000 эсептик көрсөткүчтүн өлчөмүндө айып пул менен биротоло аныкталган.

Өкүм менен ал 2019-жылы 14-апрель саат 20:47 чамасында Х.Т. менен алдын ала макулдашууга кирип, каракчылык кылуу жолу менен акча каражатын ээлеп алуу максатында Бишкек шаарынын Красная көчөсү менен Лагер көчөсүнүн кесилишине келгени аныкталган. Бирөөнүн мүлкүн уурдоого багытталган өзүнүн кылмыштуу ниетин ишке ашырып, Г.З. үйүнө кирген, ал ойгонуп анын үйүндө З.Т. и Х.Т. жүргөнүн көргөн, З.Т. и Х.Т. ачыктан ачык, атайылап, жеке кызыкчылыктан улам, мыйзамсыз байып кетүү максатында, аны кармап, физикалык күч колдонуп, колдорун байлап, оозун чүпүрөк менен жаап, буттарын темир зым менен байлашкан. Жогоруда сүрөттөлгөн жагдайларда каракчылык кылып, алар Г.З.ны табигый түрдө зордукташкан. Андан кийин, З.Т. и Х.Т. жабырлануучуну өлтүрүүгө багытталган кылмыш ниети пайда болуп, күбөнү калтырбоо үчүн, ушуга байланыштуу алар ойлорун ишке ашыруу менен Г.З. башын жүн жоолук менен ороп, муунтуп, андан кийин кылмыш болгон жерден качып кетишкен.

Соттолгондордун иш-аракеттерин жана денеге залал келтирүү себептерин аныктоо менен, бул кылмыштар сот тарабынан жасалган кылмыштардын жыйындысы боюнча туура квалификацияланган.

Бул өкүм күчүндө калтырылган.

**Ошондой эле жалпылоо соттордун практикасында кылмыш-жаза мыйзамдарынын талаптарын бузуу орун алгандыгын көрсөттү, алар кылмыш жосундарын туура эмес квалификациялоодо жана натыйжада кылмыш ишин негизсиз токтотууга алып келет, бул жазык сот өндүрүшүнүн негизги принциптеринин бири-жасалган кылмыш үчүн жазанын сөзсүз боло тургандыгы принцибин бузат.** КР ЖКнын 161-беренесинин 3, 4-бөлүктөрү боюнча (2017-ж. ред.) козголгон иштер соттор тарабынан токтотуунун мыйзамдуулугу жөнүндө суроолор келип чыгат, алар белгиленген санкцияларга ылайык ачык айыптоо иштерине кирет, ошондуктан тараптардын жарашуусунун натыйжасында жабырлануучулардын арыздары боюнча токтотулушу мүмкүн эмес.

***Мисалы:*** КР ЖКнын 39-161-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктунда каралган Ж.Сүйүн уулун айыптоо боюнча кылмыш ишин кароодо Ош шаардык сотунун жана тиешелүү апелляциялык инстанциянын соттору тарабынан туура эмес тыянактарга жол берилген (2017-ж. ред.).

Иштин фабуласына караганда, күнөөлүү апасы жактан тууганы болгон жашы жете элек С.Батыралиева менен Ош шаарында сейилдейбиз деген шылтоо менен аны гараждардын артындагы алыскы жерге алып барып, зордуктоого аракет кылган, бирок ага көз каранды болбогон себептерден улам аягына чыгарбай, жабырлануучунун жардам сурап кыйкырыгына келген аялдар тарабынан кармалган.

Биринчи инстанциядагы соттун 29.11.2019-жылдагы токтому менен Ж.Сүйүн уулунун аракеттери КР ЖКнын 39-бер., 161-бер. 1-бөл. менен квалификацияланган жана иш боюнча өндүрүш тараптардын жарашуусуна байланыштуу, тактап айтканда КР КЖПКнын 26-б. 1-б. 3-п. боюнча токтотулган.

Ош облустук сотунун 03.06.2020-жылдагы аныктамасы менен бул токтом өзгөртүлүп, айыпталуучунун иш-аракети КР Укук бузуулар кодексинин 66-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык квалификацияланган жана иш боюнча өндүрүш да тараптардын жарашуусу менен токтотулган.

Кассациялык инстанция прокурордун сунушун негиздүү деп эсептеп, 22.09.2020-жылдагы токтому менен эки инстанциянын соттук актыларын жокко чыгарып жана ишти башка курамдагы биринчи инстанциядагы сотко жаңыдан кароого жөнөткөн.

Соттор тарабынан далилдерге туура эмес баа берүү айыпталуучунун аракеттерин туура эмес квалификациялоого жана натыйжада материалдык жана процессуалдык укуктун ченемдерин туура эмес колдонууга алып келген.

***Башка мисал:*** 2020-жылдын октябрынын башында айыпталуучу У.Д. 2006-жылдын 19-августта туулган Б.Р. аттуу жаш кыздын үйүнө келип, ата-энесинин батирде жоктугунан пайдаланып, күч колдонуп, кийимдерин чечип, зордуктаган. 2020-жылдын 13-

ноябрындагы №1388 соттук-медициналык экспертизанын корутундусуна ылайык, жабырлануучу Б.Р.дын кыздыгы бузулган, мөөнөтү боюнча иштин жагдайында көрсөтүлгөн мезгилге туура келет.

Ош шаардык сотунун 2020-жылдын 3-декабрындагы токтому менен КИ-811/20-О6 кылмыш иши боюнча КР ЖКнын 161-беренесинин 1-бөлүгүндө (2017-ж.ред.) каралган кылмышты жасоого У.Д. айыптоо боюнча өндүрүш тараптардын жарашуусуна жана жабырлануучу Б.Р.дын жеке-ачык айыптоодон баш тартуусуна байланыштуу токтотулган (судья Ж. Батырбеков).

Бул токтом даттанылган эмес, ошону менен бирге, иш боюнча катышып жаткан мамлекеттик айыптоочу, КР КЖПКнын 269-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун (2017-ж. ред.) талабына карабастан, айыпталуучунун аракеттерин сотко чейинки өндүрүш органдары туура эмес квалификациялагандыгына байланыштуу ишти кайтаруу жөнүндө өтүнүч берген эмес, анын кесепетинен бул редакцияда сот мыйзам менен чектелгендиктен, ишти прокурорго кайтарып берүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратылган.

Соттордун көңүлүн келип түшкөн иштерди дыкаттык менен иликтөөнүн зарылдыгына, атап айтканда, айыптоо актысынын иштин ичинде болгон материалдарына ылайык келүүсүнө буруу керек (КР КЖПКнын 256-беренеси).

**Соттук тажрыйбаны изилдөө бардык соттор Кылмыш-жаза кодексинин 20-бөлүмүндө каралган кылмыштардын өзгөчө коомдук коркунучун жана өзгөчө мүнөзүн тийиштүү түрдө эске ала бербестигин көрсөтүп турат. Кылмыштардын объективдүү тарабынын белгилерин аныктоодо, айыпкердин аракеттерин квалификациялоодо каталар, өкүмдөрдү түзүүдө олуттуу кемчиликтер кетирилет. Көбүнчө каталар субъективдүү мүнөзгө ээ, иштин жагдайларын толук эмес изилдөө менен байланышкан, мында соттордун туура эмес квалификациясы бардык учурларда жабырлануучулар жашы жете элек балдар болуп жаткан иштерге байланыштуу экендиги байкалат.**

**Мисалы:** Сузак райондук сотунун 19.08.2021-ж. чыгарган өкүмү менен К.Н. өзү 14 жаштагы жашы жете элек кезинде 8 жаштагы кошуна К.У. балага карата (бачабаздык) сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттерди жасагандыгы үчүн соттолгон. Бирок, биринчи инстанциядагы сот айыпталуучунун аракеттери Жазык кодексинин 162-беренесинин 1-бөлүгү боюнча квалификациялаган (2017-ж. ред.), бул берененин санкциясында каралган жаза пробациялык көзөмөлдү колдонуу менен 4 жылдык мөөнөткө дайындоо менен чектелген.

Көрсөтүлгөн өкүм Жалал-Абад облустук сотунун 14.12.2021-ж. өкүмү менен өзгөртүлүп, К.Н. иш-аракеттери КР КЖКнын 155-бер. 4-бөлүгү боюнча квалификацияланган жана ал боюнча 8 жылга эркинен ажыратуу жазасы каралган. КР КЖКнын 82, 109-беренелеринин негизинде бир жылдык мөөнөткө пробациялык көзөмөлдү колдонуу каралган.

Кассациялык коллегия апелляциялык инстанциянын квалификациясы менен макул болуп, К.Н. балага карата бачабаздык кылгандыгы иштин материалдары менен далилденгенин белгилеген. Ошол эле учурда, дайындалган жаза бөлүгүндөгү тыянактарга макул болбой, КР КЖКнын 82-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык оор жана өзгөчө оор кылмыштар үчүн соттолгон адамдарга пробациялык көзөмөл колдонулбайт, ал эми КР КЖКнын 19-беренесинин 2-бөлүгүнүн 4-пунктунун ылайык К.Н. соттолгон кылмыш өзгөчө оор кылмыштарга кирерин көрсөткөн. КР КЖКнын 188-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-пунктунун ылайык он сегиз жашка чейинки кылмыш жасаган балага өзгөчө оор кылмыш үчүн беш жылдан он жылга чейин эркинен ажыратуу мөөнөтү белгиленет.

Мындай шарттарда, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун токтому менен прокуратуранын кассациялык сунуштамасы канааттандырылган жана дайындалган жаза бөлүгүндө апелляциялык инстанциянын өкүмү КР ЖКнын 74-беренесинин (2017-ж. ред.), ошондой эле КР КЖКнын 102-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде өзгөртүлгөн, мында пробациялык көзөмөлдү колдонуу резолюциялык бөлүктөн алынып салынган.

**Ошондой эле,** Баткен райондук сотунун 30.09.2021-жылдагы токтому менен КР ЖКнын 201-бер. 1-бөл. жана 161-бер. 1-бөл. (2017-ж. ред.) 43-161-бер. 1-бөл. каралган кылмышты жасоого айыпталып жаткан А. уулу Б. карата кылмыш иши жана КР КЖКнын 43-161-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган кылмышка айыпталып жаткан А.уулу А. карата (2017-ж. ред.) кылмыш иши боюнча өндүрүш тараптардын жарашуусуна байланыштуу токтотулган.

Баткен райондук сотунун 30.09.2021-жылдагы өкүмү менен А.уулу Б. жана А. у А. КР ЖКнын 190-беренеси (2017-ж. ред.) боюнча коомдук жумуштар түрүндө ар бири 320 саатка соттолгон.

Баткен облустук сотунун 2021-жылдын 23-декабрындагы аныктамасы менен коюлган айыптар боюнча иш өндүрүшүн токтотуу жөнүндө жогорудагы токтом жокко чыгарылып, иш биринчи инстанциядагы сотко кайрадан кароого жөнөтүлгөн.

Апелляциялык инстанциянын бул аныктамасы КР Жогорку сотунун 2022-жылдын 6-июнундагы токтому менен күчүндө калтырылган.

03.06.2021-ж. соттун токтому менен А. уулу Б. жана А. уулу А. жыныстык кумарын кандыруу максатында, таанылбашы үчүн бетине футболкаларын жаап, саат 21:30 чамасында У.Ч.нын үйүнө киришкени аныкталган, буга чейин ал жерде ичишкен. Андан кийин А. уулу Б. угулбаш үчүн У.Ч. кекиртегинен кармап, чачынан сүйрөп бөлмөдөн чыгарган. А. уулу А. жардамы менен У.Ч.ны башка бөлмөгө сүйрөп барып, мойнуна бычак такап, ошону менен жабырлануучунун эркине бөгөт коюп, анын эркинен тышкары жабырлануучуга күч колдонуу менен жыныстык катнашка барган. Ошол эле учурда У.Ч. карата зордуктоого биргелешкен ниетти ишке ашыруу жана жасаган жосуну үчүн кийинки жоопкерчиликтен качуу максатында зордуктоо учурун келечекте зарыл болгон учурда бул жазууну жабырлануучуга карата компроматтык материал катары колдонуу үчүн А. уулу А. уюлдук телефонуна жазып коюшкан.

Биринчи инстанциядагы сот тараптардын жарашуусуна байланыштуу иш боюнча өндүрүштү токтотуп жана сотко чейинки өндүрүш органдарынын айыпталуучу А. уулу Б.нын аракеттерин КР ЖКнын 161-беренесинин 1-бөлүгүнө (2017-ж. ред.) жана А. уулу А.нын аракеттеринин КР ЖКнын 43-161-беренелеринин 1-бөлүгүнө ылайык (2017-ж. ред.) квалификациясына макул болуп, айыпкерлердин ортосундагы алдын ала макулдашуу фактысынын бар экендигин эске алган эмес, анткени, алардын аракеттеринин макулдашылгандыгы, алардын ар бири кылмыштуу топто өзүнүн ролун аткаргандыгы, бул А. уулу Б. кылмыш ниетин аягына чейин жеткирип, жабырлануучуну зордуктоого жол берген.

Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жазык иштери боюнча соттук коллегиясы макул болгон апелляциялык инстанциянын тыянактарында КР ЖКнын 161-беренесине 2-бөлүгүнө ылайык (2017-ж.ред.) кылмыш жоопкерчилигине тартылуучу адамдардын тобунун курамындагы адамдын иш-аракеттеринин туура квалификациясын таануу зарылдыгы толугу менен негиздүү көрсөтүлгөн. Анткени, кылмыштын башка катышуучусу тарабынан жасалган зомбулукту пайдалануу менен түздөн-түз жыныстык катнашка барган адамдын аракеттери, ошондой эле жабырлануучуга зомбулук көрсөтүү жолу менен кылмыш жасоого көмөктөшкөн, бирок түздөн-түз жыныстык катнашка барбаган адамдын аракеттери топтук зордуктоодо биргелешип аткаруу катары квалификацияланышы керек.

КР КЖКнын 43-беренесинин талаптарына ылайык кошо катышуучулар деп кылмыштын иш жүзүндөгү катышуучулары деп түшүнүү керек, ошондуктан кылмыш субъектисинин белгилери жок бир же бир нече адам менен бирге адам тарабынан ар кандай атайылап жасалган кылмышты адамдардын тобу тарабынан жасалган кылмыш катары квалификациялоо керек.

Бул учурда биринчи инстанциядагы сот КР ЖКнын 290-беренесинин (2017-ж.ред.) талаптарын жетекчиликке алууга тийиш болгон, анткени сот жазыктык куугунтуктоо

органы болуп саналбайт жана айыптоо же коргоо тарабында болбойт, соттук териштирүү айыпталуучуга карата гана жана ага коюлган айып боюнча гана жүргүзүлөт.

2022-жылдын 6-декабрындагы биринчи инстанциядагы соттун токтому менен жаңы кароодо мамлекеттик айыптоочунун өтүнүчү боюнча кылмыш иши тергөө аракеттерин жүргүзүү жана жаңы айыптоо актысын түзүү жана айыптоонун квалификациясын өзгөртүү үчүн прокурорго кайтарылып берилген.

**Жалпылоо ошондой эле мыйзамдын талаптарын бузуу менен айрым соттор айыпталуучулардын укукка каршы аракеттерин КР ЖКнын 161-беренесинин 2-бөлүгүнөн 1-бөлүгүнө негизсиз кайра квалификациялоого жол бергенин көрсөттү (2017-ж. ред.).**

КР ЖКнын 161-беренесинин 2-бөлүгү боюнча кылмыштын курамында «адамдардын тобу тарабынан жасалган зордуктоо...» деген кошумча белги каралганына карабастан, зомбулук жасаган күнөөлүүлөрдүн аракеттери боюнча соттордун баалоо тыянактары күнөөлүүлөрдүн ниетинин багытына жараша квалификацияланган.

Айрым соттордун мындай укуктук позициясы калыптанган соттук практикага жооп бербейт жана жазык мыйзамдарынын колдонуудагы ченемдерине каршы келет.

Ошол эле учурда жабырлануучулар өздөрү башынан өткөргөн сексуалдык мүнөздөгү зордук-зомбулук аракеттерине карабастан, кылмыш жасаган адамдарды жоопкерчиликтен четтеткиси келген фактылар бар, ал эми соттор бул терс көрүнүшкө ырайым кылып жатышат. Мындай кырдаал жыйынтыгында жыныстык кол тийбестик чөйрөсүндө кылмыш жасагандыгы үчүн күнөөлүү адамдар жасаган жосуну үчүн адекваттуу жаза албай калышына алып келет.

***Мисалы,*** Жалал-Абад облусунун Сузак райондук сотунун 2020-жылдын 21-октябрындагы токтому менен Э.М., С.О. жана М.Б. КР ЖКнын 161-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пункту (2017-ж. ред.) боюнча айыпталган аракеттерин сот КР ЖКнын 161-беренесинин 1-бөлүгүнө кайра квалификацияланган жана үч айыпталуучуга карата кылмыш иши тараптардын жарашуусуна байланыштуу токтотулган (судья И.Ботоев).

Ал эми бул иштин фабуласынан көрүнүп тургандай, 2020-жылдын 18-мартынан 19-мартка караган түнү айыпталуучулар Э.М., С.О. жана М.Б. зордуктоо максатында А.к.Н., Сузак районунун Багыш айылынын четине машина менен алып келип, жана машинанын салонунун ичинде күч колдонуп, кезек менен зордукташкан, бул тууралуу соттук отурумда жабырлануучу А.к.Н. өзү көрсөтмө берген.

Сот отурумунун жүрүшүндө жабырлануучу А.к.Н. тараптардын жарашуусуна байланыштуу кылмыш ишин токтотуу жөнүндө өтүнүч келтирген. Сот айыпталуучулардын аракеттерин КР ЖКнын 161-беренесинин 12-бөлүгүнө кайра квалификациялаган жана тараптардын жарашуусуна байланыштуу кылмыш ишин токтотуп, аталган кылмыш адамдардын тобу тарабынан жасалгандыгынын фактысына көңүл сыртында калтырган.

Бул токтомго эч ким даттанган эмес.

Ошону менен бирге бул кылмыш иши сот тарабынан процессуалдык мөөнөттөрдү бузуу менен каралган. Кылмыш иши сотко 2020-жылдын 16-июнунда келип түшкөн, ал эми сот тарабынан 2020-жылдын 21-октябрында өндүрүштү токтотуу жөнүндө токтом чыгарылган, башкача айтканда, иш КР КЖПКнын 274-беренесинин талаптарын бузуу менен 4 айдан ашык каралган.

Жалпылоонун жүрүшүндө апелляциялык тартипте даттанылбаган сот актылары да изилденген, алардын ичинен иш жүзүндө балдарга карата сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер ыплас аракеттерге теңелген жана КР ЖКнын 165-беренеси боюнча квалификацияланган жагдайлар кездешет (2017-ж. ред.).

**Мисалы:** Талас облусунун Манас райондук сотунун 2021-жылдын 3-декабрындагы өкүмү менен С.З. КР ЖКнын 165-беренеси (2017-ж. ред.) менен кылмыш жасагандыгы үчүн 5 жылга эркинен ажыратылган (судья А. Тилемишов). Сотко чейинки өндүрүштө С.З. КР ЖКнын 162-беренесинин 4-бөлүгү (2017-ж. ред.) боюнча айыпталган.

Иштин фабуласына караганда, 16.09.2021-ж. С.З. 2010-жылы туулган Р.А. аттуу жаш баланын ойноп жатканын көрүп, аны алдап үйгө киргизип, артынан эшигин жаап бекитип койгон. Андан ары жаш кыздын алсыз абалынан пайдаланып, коркутуп - үркүтүү жолу менен ич кийимин чечип, өзү чечинип, чалкасынан жаткырып, анан жыныстык органын буттарынын ортосуна киргизип, сексуалдык мүнөздөгү аракеттерди жасаган.

28.09.2021-ж. соттук-биологиялык экспертизанын корутундусуна ылайык, жабырлануучунун жана айыпталуучунун буюмдарында табылган сперма издеринин С.З. таандык болуу ыктымалдыгы жокко чыгарылбайт.

Ошол эле учурда, биринчи инстанциядагы сот С.З.нын аракеттерин КР ЖКнын 162-беренесинин 4-бөлүгүнөн 165-беренесине кайрадан квалификациялап, жыныстык катнаштын суррогат формаларынын бири болуп саналган жыныстык катнаштын бул формасы негизсиз ыплас аракеттер катары кабыл алынган.

Жогорудагы өкүм даттанылган эмес.

**Окшош мисал:** Тергөө органдары тарабынан Н.у.Б., КР ЖКнын 162-беренесинин 4-бөлүгүндө (2017-ж. ред.) каралган кылмышка айыпталган. Иштин фабуласына караганда, Н.уулу Б. 26.05.2020-жылы саат 15:00дө Нарын районунун Учкун айылынын четине 2013-жылы туулган кошуна баланы алып барып, ага карата сексуалдык мүнөздөгү зордук-зомбулук (бачабаздык) аракеттерди жасаган.

Бирок Нарын райондук сотунун 26.08.2020-жылдагы токтому менен айыпталуучунун аракети КР ЖКнын 165-беренесине (2017-ж. ред.) кайра квалификацияланган жана кылмыш жоопкерчилигине тартуунун эскирүү мөөнөтү өтүп кеткендиктен иш боюнча өндүрүш токтотулган.

Кабыл алынган чечимди негиздөөдө сот соттук-медициналык экспертизанын корутундусуна таянып, анын тыянактарынан анус аймагында эч кандай жыртык табылган эмес, жабырлануучунун жамбашынын ички бөлүгүндө кичине кысылганда же катуу нерсеге жыгылганда пайда болушу мүмкүн болгон кызаруунун бар экендиги жөнүндө тыянакка тийиштүү баа берген эмес.

Белгилей кетүүчү нерсе, жабырлануучунун денесине ар кандай «кирүү» сексуалдык мүнөздөгү башка аракеттерге таандык болушу керек, анын ичинде жабырлануучунун кынына же анал тешигине колдун кириши. Бул учурда, айыпталуучулар жабырлануучуларды (коңшулаш балдар катары), алардын жаш курагын (11 жана 7 жаш) билген мындай жагдайлар болгондо, аракеттер коркутуу менен коштолуп, жабырлануучунун алсыз абалын пайдалануу менен байланышкан (ал эми биринчи учурда кулпуланган жайда кармоо, экинчисинде үйдөн алыс жерде болуу), ошону менен жабырлануучунун эркин жүрүүсүн жана жүрүм – турум варианттарын чектөө менен айыпталуучунун аракеттери ыплас деп табылышы мүмкүн эмес.

Ушуга байланыштуу, соттор жогоруда аталган КР ЖС Пленумунун 2019-жылдын 24-майындагы №13 токтомунун 12-пунктунун талаптарын кыйшаюусуз аткарышы керек жана тиешелүү белгиге таянуу менен чектелбестен, өкүмдүн баяндоо-жүйөлөштүрүү бөлүгүндө кылмыштын көрсөтүлгөн белгиси бар экендиги жөнүндө соттун тыянагына негиз болгон жагдайларды келтириши керек. Соттор айыпталуучунун аракеттерин квалификациялоодо кылмыштын курамынын бардык квалификациялык белгилерин көрсөтүүгө тийиш.

**Окшош мисал (ЖКнын 161-бер.):** 2020-жылдын 18-июлунда болжол менен саат 11 чамасында Кара-Суу районунун Мады айылынын жанындагы талаада айыпталуучу Т.М. күч колдонуп, жашы жете элек К.Н. зордуктаган.

Кылмыш ишинин материалдарында жабырлануучу К.Н.дин ким экендигин тастыктаган документтер бар, ал документтерге ылайык, ал 2002-жылдын 12-августунда туулган. Сотко чейинки өндүрүш учурунда жабырлануучу К.Н. айыпталуучу Т.М. менен 2019-жылы туулган күнүндө таанышкандыгы, ошого жараша айыпталуучу жаш курагын билгени тууралуу көрсөтмө берген.

Ош облусунун Кара-Суу райондук сотунун 2020-жылдын 14-октябрындагы токтому менен **КИ-194/20-03** кылмыш иши боюнча КР ЖКнын 161-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пункту (2017-ж. ред.) менен айыпталып жаткан Т.М.дин аракеттери КР ЖКнын 161-беренесинин 1-бөлүгүнө кайрадан квалификацияланган жана кылмыш иши тараптардын жарашуусуна байланыштуу токтотулган (судья В.Туманова).

Кайра квалификациялоого жабырлануучунун өзгөртүлгөн айыпталуучу менен эки тараптын макулдугу боюнча жыныстык катнашка баргандыгы жөнүндө көрсөтмөсү негиз болгон. Ал эми, «жашы жете элек кызга карата жасалган зордуктоонун» квалификациялык белгилеринин бири жабырлануучунун жашы болуп саналат. Атап айтканда, КР ЖКнын 161-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пункту (2017-ж. ред.) боюнча кылмышты квалификациялоо кылмышты жасоодо күнөөлүү адам жыныстык катнашка барууга жашы жетпегендин макулдугун алган адамдын аракети эмес, күнөөлүү адам он сегиз жашка чыга элек адам жабырлануучу экенин билген же жол берген учурларда гана мүмкүн болот.

Соттун бул чечими даттанылган эмес

КР ЖКнын 161-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктунда (2017-ж. ред.) каралган кылмыштарды жасагандыгы үчүн кылмыш жоопкерчилиги жөнүндө мыйзамды жашы жете электерге карата колдонуу менен соттор кылмыштарды тийиштүү белгилер боюнча квалификациялоодо күнөөлүү жабырлануучу он сегиз жашка чыга элек же башка жашка чыга элек адам экендигин билген же жол берген учурларда гана мүмкүн болгондугун Кодекстин Өзгөчө бөлүгүнүн беренесинин диспозициясында атайын көрсөтүлгөн деп негиздөөгө тийиш.

Бирок, жаңы жазык мыйзамынын киргизилишине байланыштуу бул жоболор өзгөртүүлөргө дуушар болгон жана кылмыш жасалган учурда айыпталуучу жабырлануучунун жаш курагы жөнүндө билген-билбегендигин аныктоону талап кылбайт.

Анткени КР КЖКнын 154-беренесинин 3-бөлүгүнүн 2-пунктунун диспозициясында «14 жаштан 18 жашка чейинки баланы зордуктоо» каралган.

Жалпылоо ошондой эле иш жүзүндө айыпталуучунун (анын тууганадарынын) жабырлануучуга узак мөөнөттүү психологиялык таасиринен кийин жазык иштери тараптардын жарашуусуна байланыштуу өндүрүштү токтотуу менен аяктаарын көрсөттү.

***Мисалы,*** Чүй облусунун Сокулук райондук сотунун 2020-жылдын 13-ноябрындагы токтому менен **КИ-340/20-Ч6** кылмыш иши боюнча КР ЖКнын 161-беренесинин 1-бөлүгүндө (2017-ж. ред.) каралган кылмыш үчүн А. Өмүралиевди айыптоо боюнча кылмыш иши тараптардын жарашуусуна байланыштуу (судья Т.Масыбаев) КР КЖПКнын 23, 26, 292-беренелеринин негизинде токтотулган. Бул сот актысы даттанылган эмес.

Иштин фабуласына ылайык, 2020-жылдын 20-июнунан 21-июнуна караган түнү айыпталуучу О.А. таксист болуп иштеп, «Хонда-Фит» маркасындагы машинаны айдап бара жатып, мас абалында аялдамада турган С.А.ны көрүп, аны үйүнө жеткирүүнү сунуштап, машинасына салып, бирок Новопавловка айылына жетпей жолдо баратып машинаны токтотуп, физикалык күч колдонуп зордуктаган.

Иштин материалдарынан көрүнүп тургандай, жактоочу тарабынан соттук териштирүүдө кылмыш ишин токтотуу өтүнүчү келитирилген, ал сот тарабынан канааттандырылган. Тараптардын жарашуусуна байланыштуу кылмыш иши боюнча өндүрүштү токтотуп, сот жабырлануучу С.А.нын 2020-жылдын 3-июлундагы сотко чейинки өндүрүшүндө жазылган арызына шилтеме кылган, бирок Сокулук райондук ИИБ тергөөчүнүн 2020-жылдын 3-июлундагы токтому менен ал арыз канааттандыруудан баш тартылган. Бирок, сот жабырлануучу тараптын сот отурумуна катышпаганына карабастан, бул арыз боюнча кылмыш ишин токтотуу жөнүндө чечим кабыл алган.

Буга байланыштуу соттордун көңүлүн буруу керек, КР КЖПКнын 288-беренесинин талаптарына ылайык ишти соттук териштирүү жабырлануучунун же анын өкүлүнүн катышуусу менен жүргүзүлүүгө тийиш.

Жыныстык кол тийбестикке каршы жасалган укукка каршы жосундарды жазасыз калтыруу учурларын алдын алуу максатында соттор иш боюнча өндүрүштү токтотуу жөнүндө чечимге мыйзамдуу гана эмес, адилеттүү жана негиздүү келүү үчүн иште болгон бардык материалдарды изилдөөгө кылдат мамиле кылышы зарыл.

Кылмыш иштерин жалпылоо изилденген категориядагы кылмыштардын көбү эркек жыныстагы адамдар тарабынан көбүнчө мас абалында жасалганы аныкталган.

Кылмыш учурунда болгон оордотуучу жагдайлар, албетте, жасаган жосундун квалификациясына, ошондой эле күнөөлүү адамдын коомдук коркунучунун даражасына таасир этиши керек, ошондуктан алар жазаны колдонууда сот тарабынан милдеттүү түрдө эсепке алынууга тийиш. Жазыктык жаза-чарасын тандоодо сот ар бир өзүнчө учурда жеңилдетүүчү жана оордотуучу жагдайдын көрүнүп турган даражасын эске алууга милдеттүү.

Мас абалында өзгөчө коркунучтуу кылмыш жасоо сыяктуу оордотуучу жагдай көпчүлүк соттук актыларда сот тарабынан оордотуучу жагдай катары таанылбагандыгы аныкталган, өзгөчө алсыз абалда болгон балага карата оор кылмыш жасалган учурларда, ал эми КР КЖПКнын 5-беренесинин 16-бөлүгүндө жабырлануучу бала 18 жашка чыга элек, кылмыш менен дене боюна, моралдык жана (же) материалдык зыян келтирилген жак экендиги айкын көрсөтүлгөн.

Соттордун көңүлүн балдардын жыныстык кол тийбестигине, алардын өмүрүнө жана ден соолугуна ар кандай кол салуудан коргоо максатында өзгөчө буруу керек, «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине, «Мунапыс берүүнүн негиздери жана аны колдонуунун тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен 2022-жылдын 9-августунда №89 балдарга карата кылмыш жасагандыгы үчүн жоопкерчиликти күчөткөн жогоруда көрсөтүлгөн ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр киргизилген.

Өзгөртүүлөргө ылайык, КР КЖКнын 154-беренесинин 3, 4-бөлүктөрүндө, 155-беренесинин 3,4-бөлүктөрүндө жана 156-беренесинин 3-бөлүгүндө каралган балдарга карата жасалган жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы кылмыштар өзгөчө оор кылмыштар деп табылган, аларды жасагандыгы үчүн 15 жылга эркинен ажыратуу же өмүр бою эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза каралган

Мындан тышкары, жогоруда аталган кылмыштарды жасаган адамдар жазык куугунтугунун эскирүү мөөнөтү аяктагандыгына байланыштуу (КР КЖКнын 58-беренеси), ошондой эле мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотуу жолу менен (КР КЖКнын 89-беренеси) жазык жоопкерчилигинен бошотулбайт.

Ошондой эле, КР КЖКнын 119-беренесине ылайык, балдардын жыныстык кол тийбестигине жана (же) руханий-адеп-ахлактык саламаттыгына каршы кылмыш жасаган, кылмыш жасагандан кийин же жазаны өтөө убагында өзүнүн аракеттеринин маанисин аңдап билүү же аларды башкаруу жөндөмдүүлүгүнөн ажыратуучу жин оорусуна же убактылуу психикасын бузуучу ооруга чалдыккан адамга өзүнүн аракеттерин аңдап билүү жана аларды башкаруу жөндөмдүүлүгү калыбына келгенден кийин сот тарабынан жаза колдонулат. Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу убактысын эсепке алуу КР КЖКнын 119-беренесинин 1-бөлүгүндө белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

Бул жалпылоонун жүрүшүндө иштерди изилдөөнү жыйынтыктап жатып, соттордун тажрыйбасында соттук териштирүүлөр мыйзамда белгиленгенден көп убакытка созулган учурлар орун алгандыгын белгилей кетүү керек. Отурумдар ар кандай себептер жана адвокаттардын өтүнүчтөрү боюнча, же алардын келбегендигине, же прокурорлордун жоктугуна ж.б. байланыштуу кийинкиге калтырылат, бул болсо иштерди кароонун негизсиз создуктурулушуна жана процесстин башка катышуучулары тарабынан даттанууларга алып келет.

Сот отурумдарынын протоколдорунан көрүнүп тургандай, соттук териштирүүдө жабыр тарткандар жалпы жол-жоболорго ылайык суракка алынат. Дээрлик бардык

учурларда, жабырлануучулар айыпталуучунун катышуусунда сотто көрсөтмө беришкен, жабырлануучулардын психоэмоционалдык абалы эске алынган эмес.

Жаш жабырлануучуларды суракка алууда сот отурумдарына психологдор сейрек чакырылат, мындай суректарда тергөөчүлөр педагогдун катышуусу менен гана чектелет. Ал эми соттор мыйзамдуу өкүлдөрдүн катышуусу менен чектелет. Соттук териштирүүлөрдүн жүрүшүндө сот тарабынан жаш жабырлануучуларга карата психологиялык-психиатриялык экспертизалар дайындалбайт.

Жалпылоонун жүрүшүндө кылмыштарды кайра квалификациялоо учурлары табылып, алар дагы укук коргоо маселелерин жаратты. Айрыкча, зордуктоо он алты жашка чыга элек адам менен ыктыярдуу жыныстык катнашка квалификацияланганда. Мында соттор жабырлануучу адам финансылык жана моралдык жактан укук бузуучудан көз каранды, андан коркот, жашы боюнча кыйла жаш экенин эске алышкан эмес, муну ыктыярдуу макулдук катары түшүнүүгө болбойт. Жабырлануучунун денесинен жаракат албаган, кийиминин айрылбаган учурлары укук коргоочулар тарабынан жыныстык актыга ыктыярдуу макулдук катары чечмелениши мүмкүн эмес.

КР КЖКнын 154-беренесинин 3, 4-бөлүктөрү боюнча сот тарабынан ишти токтотуунун укук ченемдүүлүгү жөнүндө маселелер келип чыгат, алар белгиленген санкцияларга ылайык ачык айыптоо иштерине туш келет жана жабырлануучу жана прокурор тарабынан ачык айыптоодон баш тартылган учурда жабырлануучунун арызы боюнча токтотулушу мүмкүн эмес.

Белгилей кетсек, сот тарабынан жабырлануучулардын айыптоодон баш тартуусунун себептери аныкталган эмес, мындай баш тартууга баа берилген эмес.

Иштерди изилдөө ошондой эле жабыр тарткан баланын энеси мыйзамдуу өкүл катары дайындалган учурлар бар экендигин көрсөттү, бирок алар айыпталуучу менен мыйзамдуу, жарандык никеде тургандыгы же жыныстык мамиледе экендиги белгилүү болгон, буга байланыштуу бир катар мындай учурларда энелер баланын кызыкчылыгында эмес, айыпталуучунун кызыкчылыгында болушкан. Мындай иштерди кароого формалдуу мамиле кылуу жашы жете элек же жаш балдарды тийиштүү коргоонун жоктугу жөнүндө күбөлөндүрөт, бул алардын конституциялык укуктарын бузат.

**Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу.**

КР КЖКнын 25-беренесине ылайык, ушул Кодексте каралган жосунду жасап жаткан учурда акыл эси соо эмес абалда болгон адам кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылбайт.

Адам акыл-эси соо эмес абалда коомдук коркунучтуу жосун жасады деп таанылат, эгерде ал өзүнүн аракетинин (аракетсиздигинин) иш жүзүндөгү мүнөзүн жана келтирилген зыянын түшүнө албаса же ага жетекчилик кыла албаса:

- өнөкөт жин оорудан улам,
- убактылуу психикалык бузулуу,
- кем акылдыгы,
- психиканын башка оорусунун айынан.

КР КЖКнын 18-главасынын ченемдери медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларынын негиздерин, максаттарын, түрлөрүн, аларды ишке ашыруу, колдонууну токтотуу тартибин аныктайт. Жаза колдонуунун максаттарынан айырмаланып, аталган чараларды колдонуунун максаттары адамды милдеттүү түрдө дарылоо жана анын жаңы кылмыштарды жасоосун алдын алуу болуп саналат.(КР КЖКнын 114-бер.)

Амбулатордук психиатриялык жардам көрсөтүү жана ушул Кодексте каралган кылмыштын белгилерине туура келген жосун жасаган адамды атайын дарылоо мекемесине жайгаштыруу, ошондой эле кылмыш жасаган адамды мажбурлап дарылоо медициналык мүнөздөгү мажбурлоочу чаралар болуп саналат.

КР КЖКнын 116-беренеси медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларынын төмөнкү түрлөрүн аныктайт:

1) мажбурлоо тартибинде амбулатордук психиатриялык жардам көрсөтүү (мажбурлап диспансерлештирүү);

2) адаттагыдай байкоо менен психиатриялык мекемеге жаткыруу;

3) күчөтүлгөн байкоо менен психиатриялык мекемеге жаткыруу;

4) катуу байкоо менен психиатриялык мекемеге жаткыруу.

Соттор талдануучу категориядагы жазык иштерин кароодо медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонууга байланыштуу маселелерди КР КЖПКнын 55-главасында каралган эрежелер боюнча карашкан.

Соттор медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу, психиатриялык мекеменин тибин аныктоо маселеси боюнча акыркы чечимди кабыл алууда эксперт-психиатрлардын корутундусун иштин бардык материалдары менен бирдикте кылдат баалашкан.

Ошентип, КИ-222/21-Б4 боюнча Свердлов райондук сотунун 2021-жылдын 11-февралындагы токтому менен КР ЖКнын 161-бер. 1-бөл. менен айыпталган К.А. карата кылмыш ишин кароодо сот соттук-психиатриялык экспертизанын корутундусуна негиздеп, ал корутундуда К.А. жүрүм-турумунан көрүнүп тургандай акыл-эсинин артта калуусу түрүндө өнөкөт психикалык бузулуудан жабыркайт жана медициналык мүнөздөгү мажбурлоочу чараларды колдонууга муктаж деп көрсөтүлгөн, кылмыш иши айыпталуучунун акыл-эси соо эместигине байланыштуу мажбурлап амбулатордук психиатриялык жардам көрсөтүү үчүн (мажбурлап диспансеризациялоо) Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Республикалык психиатриялык ооруканага жиберүү менен токтотулган. Судья К.А.Айдаралиева.

**Бирок, жалпылоо ошондой эле айрым учурларда соттор соттук-психиатриялык экспертизанын корутундусун кылдат иликтебей тургандыгын көрсөттү.**

Буга КР ЖКнын 162-бер. 4- бөл. менен айыпталган М.К. карата кылмыш иши **КИ-1-048/20-О3** көрүнүктүү мисал боло алат. Сот тарабынан айыпталуучу М.К.га карата дайындалган стационардык комиссиялык соттук-психиатриялык экспертиза 14.07.2020-ж. М.К. Кызыл-Жар айылындагы Республикалык психиатриялык оорукандa **«жалпы»** байкоо режими менен мажбурлап дарылоону колдонуу түрүндөгү медициналык мүнөздөгү чараларга муктаж деген корутунду берген.

Бирок Кара-Суу райондук сотунун 2020-жылдын 03-ноябрындагы токтому менен бул кылмыш иши токтотулуп, М.К. карата Кызыл-Жар айылындагы Республикалык психиатриялык оорукандa **«катуу»** байкоо жүргүзүү режими менен медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чарасы колдонулган. Соттун бул токтому даттанылган эмес.

**Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонууну узартуу, өзгөртүү, токтотуу.**

Сот тарабынан медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чарасын колдонууну үзгүлтүксүз узартпастан адамдын психиатриялык стационарда болуусу мыйзамсыз болуп саналат.

Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чаралары дайындалган адамдар мындай чараны колдонууну токтотуу же өзгөртүү жөнүндө сотко сунуш киргизүү үчүн негиздердин бар экендиги жөнүндө маселени чечүү үчүн алты айда бир жолудан кем эмес врач-психиатрлар комиссиясынан текшерүүдөн өтүп турушкан.

Сот врач-психиатрлардын комиссиясынын жүйөлөштүрүлгөн корутундусунун негизинде, мажбурлап дарылоону жүзөгө ашыруучу мекеменин администрациясынын сунушу боюнча, ар бир жолу медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чарасы колдонулган

күндөн тартып 6 ай өткөндөн кийин, КР КЖКнын 118-беренесине ылайык медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чарасын колдонууну **өзгөрткөн, узарткан же токтоткон**.

Мисалы: **КИ-048/20-03** боюнча Кара-Суу райондук сотунун 20.09.2021-ж. токтомдору менен М.К. карата «катуу» байкоо жүргүзүү режими менен медициналык мүнөздөгү мажбурлоо «күчөтүлгөн» байкоо режимине өзгөртүлгөн, 2022-жылдын 25-апрелинен күчөтүлгөн көзөмөл режиминен мажбурлап дарылоонун кадимки режимине өзгөртүлгөн.

**Айрым кылмыш иштеринде медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чарасын өзгөртүү, токтотуу же узартуу жөнүндө маалымат жок.**

***Мисалы:*** **КИ-53/21/Т4** боюнча 2021-жылдын 24-ноябрында Талас райондук сотунун токтому менен КР ЖКнын 161-бер. 4-бөл. ылайык айыпталган Р.Б.га карата медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чарасы колдонулган, б.а. Р.Б. Жалал-Абад облусунун Кызыл-Жар айылындагы психиатриялык ооруканага күчөтүлгөн режимде байкоо жүргүзүү менен жаткыруу үчүн жиберилген. Кылмыш иши айыпталуучунун акыл-эси жайында эместигине байланыштуу токтотулган. Бирок, кылмыш ишинин материалдарында медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чарасын узартуу, өзгөртүү же токтотуу жөнүндө маалыматтар жок.

**Эркиндигинен өмүр бою ажыратуу түрүндөгү жазаны дайындоо.**

Сот тарабынан дайындалуучу жазалардын түрлөрүнүн ичинен коомдон бөлөк кармоо менен байланышкан жазанын негизги түрү катары кылмышка жазалануучу жосун жасаган адамга өзгөчө оор кылмыштарды жасагандыгы үчүн өмүр бою эркиндигинен ажыратуу дайындалышы мүмкүн.

Өзгөчө оор кылмыш жасаган адамдарга карата кылмыш-жаза-укуктук таасир көрсөтүүнүн бул түрүн колдонуу ченемдик актыларда каралган. Ошентип, **КР КЖКнын 68-беренеси кылмыштардын мүнөзүн белгилейт**, алар үчүн соттор тарабынан жазанын бул түрү дайындалат. Мындан тышкары, КЖКда өмүр бою эркиндигинен ажыратуу колдонулушу мүмкүн болгон адамдардын толук чөйрөсү камтылган.

КР КЖКнын 68-беренесине ылайык, өмүр бою эркиндигинен ажыратуу соттолгонду коомдон мажбурлап обочолонтуу менен өзгөчө тартиптеги түзөтүү абактарына жөнөтүүнү билдирет жана эгерде сот белгилүү бир мөөнөткө эркиндигинен ажыратууну колдонуу мүмкүндүгүн таппаса, ушул Кодекстин 122-беренесинин 2-бөлүгүндө, **154-беренесинин 3, 4-бөлүктөрүндө, 155-беренесинин 3, 4-бөлүктөрүндө, 156-беренесинин 3-бөлүгүндө**, 252-беренесинин 3-бөлүгүндө, 402, 403, 405-беренелеринде, 410-беренесинин 3-бөлүгүндө каралган кылмыштарды жасагандыгы үчүн белгиленет.

Жазанын бул түрүнүн аталышынан көрүнүп тургандай, ал эч кандай конкреттүү мөөнөткө колдонулбайт, соттолгон адамдын өмүрүнүн акырына чейин белгиленет.

Эреже катары, **өмүр бою эркинен ажыратылгандар** коом үчүн олуттуу коркунуч туудурат. Аларды биротоло изоляциялоо менен мамлекет өзгөчө оор кылмыштарды жасоого жакын адамдардан жарандардын коопсуздугун камсыз кылат.

Ошондой эле, колдонуудагы мыйзамдар жазанын бул түрүнө өкүм кылынышы мүмкүн болбогон адамдардын чөйрөсүн аныктайт.

Өмүр бою эркиндигинен ажыратуу **дайындалбайт**:

**1.** Аялдарга,

**2.** Он сегиз жашка чейинки курактагы кылмыш жасаган адамдарга,

**3.** Кылмыш жасалган учурда алтымыш жашка чыккан эркектерге.

Ошентип, 60 жашка чыга элек бойго жеткен эркектер гана өмүр бою эркиндигинен ажыратуу жазасын алышат.

**Эркиндигинен өмүр бою ажыратуу түрүндөгү жазаны дайындоо өкүмдө милдеттүү түрдө жүйөлөштүрүлүүгө тийиш.**

***Мисалы:*** К.Б. 2016-жылдын сентябрынан 2019-жылдын декабрына чейин коркутуп, 2005-жылы туулган кызы Б.кызы Э. мезгил-мезгили менен зордуктап келген.

Ош облусунун Араван райондук сотунун өкүмү менен К.Б. КР ЖКнын 161-беренесинин 4-бөлүгү менен өмүр бою эркинен ажыратылган. (**КИ-11/20/О2**)

Бирок, өкүмдүн баяндоо-жүйөлөштүрүү бөлүгүндө соттун **белгилүү бир мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга** байланышкан жазаны дайындоо зарылдыгы жөнүндө гана корутундусу камтылган. (бул өкүм апелляциялык жана кассациялык тартипте даттанылган эмес). КР КЖПКнын 343-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптарын бузуу менен К.Б.га дайындалган өкүмдө өмүр бою эркиндигинен ажыратуу жазасы эч кандай жүйөлөштүрүлгөн эмес.

КР ЖКнын 64-беренесине ылайык (2017-ж. ред.) эркиндигинен белгилүү бир мөөнөткө ажыратуу жана өмүр бою эркиндигинен ажыратуу жазалоонун өз өзүнчө түрлөрү болуп саналат.

КР КЖПКнын 343-беренесинин 2-бөлүмүнө ылайык (2017-ж. ред.) өкүмдүн баяндоо - жүйөлөштүрүү бөлүгүндө сот жазаны дайындоого, андан же аны реалдуу өтөөдөн бошотууга, башка таасир этүү чараларын колдонууга тиешелүү бардык маселелерди чечүүнүн жүйөлөрүн келтирүүгө милдеттүү.

Келтирилген мисалдан судьялар КР КЖКнын каралган жаза дайындоонун жалпы талаптарын, атап айтканда кылмыштын коомдук коркунучтуулугунун мүнөзүн жана даражасын, күнөөлүүнүн инсандыгы жөнүндө маалыматтарды, жазаны жеңилдетүүчү жана оордотуучу жагдайларды, дайындалган жазанын соттолгонду оңдоого тийгизген таасирин, жасалган жосундун өзгөчө оордугун талдоону жана күнөөлүүнүн инсандык мүнөздөмөсүн эске алышы керек экендиги көрүнүп турат, бул сот тарабынан жасалган кылмыштын коомдук коркунучун жана күнөөлүү адамдын өздүгүн аныктоого мүмкүндүк берет.

**Тыянактар:**

1. Кылмыш иштерин изилдөө соттордун укук колдонуу практикасында ачык айыптоо боюнча кылмыш иштерин негизсиз (мыйзамсыз) токтотуу учурлары бар экендигин көрсөттү. Ушуга байланыштуу, жергиликтүү соттордо бирдиктүү практиканы түзүү үчүн кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарда көрсөтүлгөн негиздер боюнча, анын ичинде аны токтотуу үчүн бардык зарыл шарттарды белгилөө менен кылмыш иштерин токтотуу боюнча сот практикасын талдоо жана жалпылоо жүргүзүү сунушталсын.

2. Жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы кылмыштар чөйрөсүндөгү иштер боюнча соттук практиканы изилдөө ушул категориядагы иштерди сотто кароодо кыйынчылыктарды жараткан маселелер боюнча түшүндүрмөлөрдү берүү максатында Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумунун токтомун кабыл алуу зарылдыгын тастыктайт.

**Соттук тажрыйбаны жалпылоо,**
**соттук статистиканы анализдөө**
**Пленумдун ишин камсыздоо бөлүмү**